Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
19-декабры

№100 (3757)

www.erkin-too.kg

Төрага Тургунбек уулу Нурланбек:

# “УШУЛ БИЙИК ТРИБУНАДА ЭЛДИН ҮНҮ УГУЛУП ТУРУШУ КЕРЕК”




**КУТТУКТОО!**

Элдин элегинен өтүп, мандат алып, Жогорку Кеңештин депутаты болгон мекендештерибизди чын дилден куттуктайбыз! Жаңы шайланган эл өкүлдөрү жаңы дем, жаңы-күч менен мамлекетибизди алдыга жылдырууга ак ниет иштеп беришине тилектешпиз!

Ошондой эле биздин кесиптешибиз, “Эркин-Тоо” гезитинин мурдагы Башкы редактору Тургунбек уулу Нурланбекти Жогорку Кеңештин Төрагасы болуп кайрадан шайланышы менен куттуктайбыз! Буга чейинкидей калыстыктан тайбай, эл үчүн, мамлекет үчүн чын дилден иштеп, өлкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошоруңузга ишенебиз. Биз Сиз менен сыймыктанабыз!

**"Эркин-Тоо" гезитинин жамааты**

2-БЕТТЕ




## СЫЙЛЫК ЭЭЛЕРИ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАБЫЗ!

8-9,16-БЕТТЕРДЕ




## "ЭРКИН-ТОО"

*гезитине 2026-жылдын 1-жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыз!*

**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 2115 сом 60 тыйын***
**Индекс: 68451**

**КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 4135 сом 80 тыйын***
**Индекс: 77347**

**Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО


# ЭКОНОМИКАНЫН ӨСҮҮСҮ БОЮНЧА ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨГҮ ҮЧ ӨЛКӨНҮН БИРИБИЗ



***Президент Садыр Жапаров Жогорку Кеңештин VIII чакырылышынын депутаттарынын биринчи жыйынында сөз сүйлөп, ушу тапта экономиканын өсүү темпи боюнча дүйнө жүзүндө алдыңкы үч өлкөнүн катарына киргенибизди белгиледи.***

Мамлекет Башчысы маалымдагандай, Кыргызстандын ички дүң продукциясынын өсүү темпи 10% менен бара жатат. Консолидацияланган бюджет жыл соңуна чейин 1,2 триллионго чыгат деп турабыз. 2020-жылда тышкы карызыбыз ички дүң продукцияга салыштырмалуу 54%ын түзсө, бүгүнкү күндө тышкы карыз ички дүң продукциянын 25 пайызын түзүп, оң натыйжалар менен баратабыз. Көрүнүп тургандай, бул жерде өлкөнүн экономикалык кызыкчылыгына коркунуч келе турган эч нерсе жок.

Ал эми өлкөбүздүн алтын валюта запасы үстүбүздөгү жылы 8 жарым миллиард долларга жетти. Эске сала кетсек, 2020-жылы Кыргызстандын алтын валюта запасы болгону 2,4 миллиард доллар болчу. Азыр сегиз жарым миллиард доллар болду. Кыска убакыттын ичинде 6 миллиарддан ашык долларга көбөйдү.



# БИЛИМГЕ УМТУЛУП, КАР ЖИРЕГЕН ОКУУЧУ

***Президент Садыр Жапаров Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Коо-Чаты айылындагы "Айдың-Көл" башталгыч мектебинин төртүнчү классынын окуучусу Нурзаман Алмазбековду кабыл алды.***

Буга чейин социалдык тармактарда төртүнчү класстын окуучусунун дээрлик бир метрге жеткен калыңдыктагы карды жиреп мектепке бараткандыгы тууралуу видео тараган. Президент Садыр Жапаров да бул видеону көрүп, кичинекей окуучунун ушундай оор шартта билимге умтулуусун жогору баалаганын уккандыз. Андан кийин Нурзаманды президенттик балатыга чакырып, жеке өзү кабыл алып, белектерди тапшырды. Мындан тышкары, Президент окуучуга өзүнүн уюлдук телефонун берди.

Мамлекет Башчысы бул бала ага өзүнүн бала чагын, алыскы Кең-Суу айылында кар кечип мектепке барган кездерин эске салганын айтты. Жолугушуунун соңунда Президент Садыр Жапаров Нурзаманга чоң ийгиликтерди каалады.

# БИЙЛИКТИН САЯСАТЫН МЫЙЗАМДЫК ЖАКТАН КОЛДООГО АЛАБЫЗ



***Жаңы шайланып келген депутаттар Нурланбек Тургунбек уулун Жогорку Кеңештин Төрагасы кылып шайлашты. Шайлангандан кийин Нурланбек Тургунбек уулу кесиптештерине ыраазычылыгын билдирип, Президент Садыр Жапаров башында турган бийликтин жүргүзүп жаткан саясатын мыйзамдык жактан колдоого аларын айтты.***

"Кыргыз парламенти чөлкөмдө гана эмес, дүйнөлүк деңгээлде да ачык-айкындуулугу жана демократиялык баалуулуктарды бекем кармангандыгы менен өзгөчөлөнүп келет. Мындан ары ушул багытыбызды сактап калуу менен гана чектелбестен, өнүктүрүшүбүз керек. Биздин ыйгарым укуктарыбыз жетиштүү. Сөз эркиндиги толук сакталат, албетте ар бир айтылган пикирдин артында жоопкерчилик бар экенин да сезишибиз керек. Бирок кайсы бийлик бутагы болбосун кемчиликтер кетсе конструктивдүү сындар айтылып, ушул бийик трибунада элдин үнү угулуп турушу керек" деди Төрага.

Андан тышкары, алдыда Жогорку Кеңеш өлкөнүн өнүгүшүнө жана калктын бакубатчылыгын арттырууга багытталган мыйзамдарды иштеп чыгып, кабыл алууну улантарын кошумчалады.

# БИР ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев КТРК, «ЭлТР» мамлекеттик телерадиокомпаниясына, ошондой эле «Мир» мамлекеттер аралык телерадиокомпаниясына интервью берип, быйылкы жылдагы өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кеңири токтолду.***

Адылбек Касымалиев экономикалык сектордогу олуттуу жетишкендиктерди, анын ичинде көрсөткүчтөрдүн өсүшүн жана стратегиялык маанилүү инфраструктуралык долбоорлордун ишке ашырылышын белгиледи. Ошондой эле калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу боюнча конкреттүү жыйынтыктар менен социалдык коргоо, билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактарындагы иштин натыйжаларын айтты. Өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү, мамлекеттик башкаруунун натыйжалуу механизмдерин киргизүү жана жарандардын бийлик институттарына болгон ишенимин бекемдөө маселелерине өзгөчө көңүл бурулду.



Министрлер Кабинетинин башчысы 2025-жыл Кыргыз Республикасынын Президентинин экономиканы модернизациялоого, мамлекеттик кызматтарды кеңири санариптештирүүгө, бизнес үчүн жана инвестицияларды тартуу үчүн мүмкүн болушунча жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган стратегиялык демилгелерин ишке ашырууда маанилүү этап болгонун баса белгиледи.

# ДЕКАДАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУЧУ БАССЕЙН КУРУЛАТ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Чүй облусунун Москва районундагы Ак-Суу дарыясында декадалык жөнгө салуучу бассейндин курулушуна мезгил кутучасын салуу аземине катышты.***

"Калкты сугат суу менен камсыз кылуу максатында республика боюнча 44 ирригациялык объектинин курулушу пландаштырылган. Бүгүнкү күндө 10 объект толугу менен реконструкцияланып, пайдаланууга берилди, натыйжада 5 680 гектар жаңы сугат жерлер өздөштүрүлдү, 37 953 гектар сугат жерлеринин суу менен камсыз болуусу жакшыртылды жана 12 253 гектар жердин мелиоративдик абалы жакшыртылды. Суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу көйгөйлөрүн чечүү максатында 2024–2030-жылдары жалпы көлөмү 953,74 млн куб метрди түзгөн суткалык жана декадалык жөнгө салуучу 106 бассейнди (СЖБ, ДЖБ) куруу пландаштырылган. Алардын ичинен Чүй облусу боюнча жалпы сыйымдуулугу 188,4 млн куб метрди түзгөн 27 СЖБ жана ДЖБ куруу каралган" деди А.Касымалиев.

Төрага бүгүнкү күндө Чүй облусунда 7 СЖБ жана ДЖБ боюнча иштер аяктаганын, 2 ДЖБда курулуш иштери жүрүп жатканын, 3 ДЖБнын долбоору иштелип жатканын кошумчалады.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

ЖАҢЫ ПАРЛАМЕНТ




# БЕРГЕН АНТЫНА БЕКЕМ ТУРУП, МАМЛЕКЕТ ҮЧҮН ИШТЕП БЕРИШСИН

***Шаршемби күнү Жогорку Кеңештин VIII чакырылышы өз ишин баштады. БШКнын төрагасы Тынчтык Шайназаров жаңы шайланган 87 депутатка күбөлүк жана төш белгилерди тапшырды. Мандат алган эл өкүлдөрү Президент Садыр Жапаровдун катышуусунда ант беришти. Каз-катары менен чыгып ант берип бүтүшкөндөн кийин Мамлекет Башчысы элдин элегинен өтүп, жалпы журттун кызыкчылыгы үчүн ак кызмат кылам деп ант берген депутаттарды куттуктады. Шайланган депутаттар берген антка бекем туруп, эл үчүн, мамлекет үчүн чын ниеттен иштеп беришерине терең ишенимин билдирди.***

Өлкө жетекчиси өз сөзүндө Кыргыз парламентинин тарыхына токтолуп, эгемендик декларациясын кабыл алган, “легендарлуу парламент” деген ат менен тарыхта калган мыйзам чыгаруу органы Кыргызстанды демократиялуу өнүгүү жолуна салып бергендигин белгилеп, алар жаңы Конституцияны кабыл алып, өлкөнүн мыйзам чыгаруу органын Жогорку Кеңеш деп өзгөрткөндүгүн эске салды. Баарыбыз билгендей, ал парламент 350 депутаттан турган. Өткөөл мезгилде тоталитардык режимди бузуп, эгемен Кыргызстандын саясий, укуктук жана экономикалык негизи болуп калган бир катар маанилүү ченемдик-укуктук актыларды кабыл алышкан.

Тилекке каршы, ошол мезгилдеги бийлик менен парламенттин ортосунда пайда болгон тирешүүлөр менен пикир келишпестиктер бул парламенттин мөөнөтүнөн мурда тарашына алып келген. 1995-жылы 1-чакырылыштагы Жогорку Кеңеш, 2000-жылы эки палаталуу парламент болуп өзгөрүп – Мыйзам чыгаруу жыйыны жана Эл өкүлдөр жыйыны болуп калган. Андан кийин кайрадан мыйзамдар өзгөрүп, 2005-жылы бир мандаттуу округдардан бир палаталуу 75 депутат шайланып келген. Садыр Жапаров өзү дагы ошол парламентке шайланып, биринчи жолу депутат болгон. Президент аны айтып, саясаттагы өмүр жолу ошол учурдан башталганын, көп саясий окуяларга күбө болуп, саясаттын күнгөй-тескейин ажыратып таанып, тажрыйба топтой баштаганын белгиледи.

Кийин ошол III чакырылыштагы Жогорку Кеңешти 2007-жылы күздө ошол кездеги президент Бакиев тараткан. Андан соң Баш мыйзам кайрадан өзгөрүп, ошол эле жылы партиялык система менен жаңы парламент шайланып келген. Бирок алар дагы көпкө узаган жок. 2010-жылы революция болуп, парламент тараган. Төңкөрүштөн кийин Баш мыйзам дагы бир жолу жаңыртылып, 2010-жылы өлкөбүздө парламенттик башкаруу системасы орногон. Ошол күндөн тарта саясий чайкоочулук башталып, партиянын тизмесиндеги биринчи ондуктардын ар бири миллион долларга чейин сатылган учурлар болду. Айтор, өлкөбүз 10 жыл бою партия лидерлеринин жеке кызыкчылыгын канааттандырып, мамлекет бир орундан жылбай турду. Коррупциялык система гүлдөп, элдин нааразычылыгы чегинен чыгып, 2020-жылдагы парламенттик шайлоодо жарылды. Элдик толкундоодон кийин бийлик алмашып, Конституция өзгөрүп 2021-жылы кайрадан парламенттик шайлоо өткөрүлдү. Ал эми быйыл мөөнөтүнөн мурда тарап, көп мандаттуу 30 округдан шайланган 90 депутаттуу жаңы парламент келди. Заман өзгөрүп жаткан өткөөл маалда жаңыча көз караш, жаңыча мамиле менен иштеп берерине коомчулук тарабынан ишеним артылып турат.

Мамлекет Башчысы андан кийин кадр маселесине токтолуп, эгемендик алгандан бери кошуна өлкөлөрдөн артта калганыбыздын бирден-бир себеби кадр саясатынын чабалдыгынан болгонун белгиледи. Чындыгын айтканда, эгемендик алгандан бери кадр өстүрүү маселеси таптакыр токтоп калган. Мамлекеттик кызматтарга жогору жакта тааныш-билиши же жакын туугандары болсо гана орношо алышчу. Ал кызматкерлер ошол кызматка татыктуубу же жокпу ал меселе эч кимди кызыктырчу эмес. Ошентип олтуруп, эгемендик алгандан бери ишбилги, кесипкөй кадрлардын баарын чет өлкөлөргө качырып алдык. Ушу тапта жакшы кадрларга муктаждык күндөн күнгө өсүп жатат. Мына ушул өксүктү жоюш үчүн 2023-жылы Президент атайын Жарлык менен Чолпон-Ата шаарында “Акылман” мектебин ачкан. Бардык облустардан өзгөчө таланттуу, жөндөмдүү балдарды тандап алып, алардын интеллектуалдык, илимий жана чыгармачылык дараметин өнүктүрүп, андан ары өлкөбүздөгү жана дүйнөдөгү алдыңкы жогорку окуу жайларга жөнөтүү менен кесипкөй адистерди даярдап чыгаруу максатында окутулууда. Алар Жогорку окуу жайларды бүтүп келгенден кийин мамлекет аларды милдеттүү түрдө кызматка алат. Бүгүнкү күндө Чолпон-Ата шаарында “Акылман” лицейинде өлкөнүн бардык аймактарынан тандалып келген 260 таланттуу балдар-кыздар окуп жатат. Жакынкы жылдарда ар бир облуста тең “Акылман” лицейлери болот. Азыркы учурда Таласта, Жалал-Абадда “Акылман” лицейлери курулуп жатат. Эми Ош, Баткен, Чүй, Нарын облустарында курулуп, ар биринде 300 балага чейин окуйт. Кыскасы, кадр маселеси боюнча келечектүү мамлекеттик саясат жүргүзүлүүдө.

Президент өз сөзүндө дагы бир урунттуу маселеге кайрылып, депутаттар министрлерге же жергиликтүү жетекчилерге кайрылып, “баланчаны түкүнчө кызматка коюп бер, мага чуркады эле” же “жакыным эле” деп буйрук берүүгө кадимки эле көрүнүшкө айланып калганын белгиледи. Чыны менен бул нерсе өтө кейиштүү илдетке айланып калган эле. Айтканын аткарбай койгон мамлекеттик кызматкерлердин кичинекей бир кемчилигин таап алып, аны трибунадан тоодой кылып көтөрүп чыгып, сындап киришкенин угуп эле жүргөнбүз. Садыр Жапаров жаңы шайланган депутаттардан өтүнүп, мына ушундай туура эмес жолго түшпөш керектигин суранды.

“Эгер коррупционерлердин бетин ачып берген болсоңор, биз албетте, кош колдоп колдойбуз. Бирок жогоруда айтканымдай, министрлерге же башка мамлекеттик кызмат жетекчилерине чалып, “муну жумушка коюп кой, алып кой” деп кысым көрсөтүүнү токтотсоңуздар. Эгерде сиздердин колуңуздарда төгөрөгү төп келишкен кесипкөй кадр болсо, Кадрлар резервине катталууга жөнөтүңүздөр. Ушу тапта Бирдиктүү кадрлар резервинде 590 адис катталып турат. Биз бошогон орундарга алардын арасынан сынак аркылуу иргеп алып жатабыз. Тааныш-билиш менен кызматка орношуу жолун таптакыр жок кылганга чейин ушул аракетибизди уланта беребиз. “Акылман” мектептеринин бүтүрүүчүлөрү келгенге чейин мына ушундай тандоо жана конкурс жолдору менен барабыз” деди Садыр Жапаров.

Ошого катар Өлкө жетекчиси депутаттарга көндүм адат болуп келген дагы бир терс көрүнүшкө токтолуп, Министрлер Кабинетинин отчётун кабыл алууда же республикалык бюджетти бекитүүдө айрым эл өкүлдөрү ачык эле соодалашууга барышканын ачык айтты.

“Маселен, “Менин айылыма 1 км жолду асфальттап бер, болбосо отчётуңа каршы добуш берем” деп коркутуп-үркүтөт. Ошентип, натыйжада 1 км жол асфальтталып кеткен учурлар көп болгон. Мен мындай иштерге таптакыр тыюу салдым. Эми карап көрүңүздөр, 1 км асфальт басчу жерге канчалаган техникалар тартылат. Канчалаган кум-шагылдар, канчалаган асфальттар алыстан ташылып барат. Ошентип, 1 км жол салуунун наркы 2-3 эсеге кымбат туруп калат. Эң жок дегенде 10 км жол салынса, анда жакын жерге асфальт жана бетон заводун, инерттүү материалдарды өндүрүү үчүн карьерлерди уюштурса болот. Мына ошондо үнөмдөө жагынан мамлекет утабыз. Мамлекеттин акчасын сарамжал, максаттуу пайдаланган болобуз” деди Садыр Жапаров.

Жаңы шайланган депутаттарга Мамлекет Башчысы дагы бир олуттуу маселени эскертип, комитет, фракция жыйындарына ар дайым министрлер өздөрү келишин талап кылып, чакыра берүүнү токтотууну өтүндү. Негизи, керек учурларда гана министрлер өздөрү келип, зарыл болгон мыйзам долбоорлорун талкуулашы керек. Башка учурларда алардын орун басарлары бар, ошолор менен иштеши шарт. Анткени, министрлердин иши бар. Азыр баарыбызга маалым болгондой Президент 24 саат бою, керек болсо түн уйкусунан ойготуп алып иштеткен учурлары болорун угуп жатабыз. Анан зарыл учурларда Жогорку Кеңеште комитеттин же фракциянын жыйындарында деп күндө убакытты текке кетирип жүргөнү туура болбойт. Министр деген күнү-түнү дебей министрликтин ишин жылдырыш керек.

Демек, депутаттар иштин натыйжалуулугу үчүн орун басарлары менен же маселеге тиешелүү адистери менен көбүрөөк иштеши заман талабына ылайык келет.

Президент кечээги өткөн шайлоодо дагы бир катар кемчиликтер оркоюп чыгып калганына токтолду. Биринчиси, бийлик шайлоону ачык-айкын, электрондук добуш берүү, аралыктан шайлатуу сыяктуу шарттарды түзүп бергенине карабастан, шайлоого келген элдин саны аз болду. Албетте, буга чейинки шайлоолорго салыштырмалуу бул шайлоого 200 миң адамга көбүрөөк келди. Бирок, элдин катышуусу 70%га чыгат деген үмүт ишке ашпады. Мындан улам буга чейин айтылгандай милдеттендирүү чараларын киргизүү керекпи деген ойлор жаралууда. Себеби, добушун саткандар шайлоого сөзсүз катышат экен да, калган жарандар кайдыгерликтен уламбы же шайлоо маданиятынын жоктугунанбы, иши кылып аз катышканы айкын болду. Мамлекет Башчысы ушуну белгилеп, бул маселени жон териси менен өткөргөн эл өкүлдөрүнөн мыйзам долбоорун демилгелөө жагын карап көрүшүн өтүндү.

Чет жакка назар таштасак, дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө шайлоого катышуу жарандарына мыйзам чегинде милдеттендирилген экен. Анын негизинде шайлоого катышуу рейтинги жогорулагандан кийин гана ал мыйзамдардын зарылчылыгы болбой калган, мисалы Түркияда ошондой болуптур. Мындай мыйзам Сингапурда азыр дагы иштейт. Аларда ар бир жаран шайлоого катышууга милдеттүү. Эгер жаран шайлоого катышпаса, кийинки шайлоого катышуу укугунан ажыратылат экен. Биз ар дайым эл аралык ийгиликтүү тажрыйбаларга таянышыбыз керек.

Аларды биздин элдин менталитетине ылайык келтирүү менен пайдалануубуз зарыл. Ошондой эле онлайн форматта, үйдө олтуруп эле интернет аркылуу добуш берүү жагын ишке ашыруу демилгеси көтөрүлгөн. Президент муну байкап көрүп, мындай жакшы ниеттеги аракет өз максатына жетпей, тескерисинче, добуш сатып алууга жем болуп калчудай экендигин билдирди. Маселен, өзүнө ишенбеген, ниети бузук талапкерлердин жана алардын үгүтчүлөрүнүн үймө-үй кыдырып, добуш сатып алышына жеңил шарттар түзүлүп калышы мүмкүн экен. Демек, бизге интернет аркылуу үйдөн добуш берүү ыкмасына өтүү эрте болушу мүмкүн.

Садыр Жапаров кайрылуусунан кийин Жогорку Кеңеште “Ата Журт”, “Мекенчил”, “Элдик”, “Ала-Тоо”, “Адилет Кыргызстан” деген беш парламенттик топ түзүлүп, Тургунбек уулу Нурланбекти төрага кылып шайлашты. Ага улай төраганын биринчи орун басарлыгына Чыңгыз Ажибаевди, Жылдыз Таалайбек кызы менен Карим Ханжезаны орун басар кылып шайлады. Ошондой эле сегиз комитеттин төрагалары келди. Атап айтсак, Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетине Курманкул Зулушев, Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитетине Элдар Сулайманов, Агрардык саясат, суу ресурстары, жер казынасын пайдалануу, экология жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча комитетке Бакыт Тентишев, Илим, билим берүү, инновациялык өнүгүү жана маалыматтык технологиялар, маданият, спорт жана жаштар иштери боюнча комитетине Токтобүбү Ашымбаева, Өнөр жай саясаты, транспорт, отун-энергетикалык комплекс, архитектура жана курулуш боюнча комитетке Кубанычбек Конгантиев, Финансы, бюджет, ишкердик жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча комитетке Алтынбек Кудайбердиев, Сот-укук маселелери, укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитетке Болотбек Борбиев, Эмгек, саламаттыкты сактоо, аялдар иштери жана социалдык маселелери боюнча комитетине Гүлсүнкан Жунушалиева шайланды.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЖАШТАР – БИЗДИН КЕЛЕЧЕК

### Нурзаман АЛМАЗБЕКОВ:

# “КИНОГО ТАРТЫЛЫП, АКТЁР БОЛГУМ КЕЛЕТ”



***Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Коо-Чаты айылындагы “Айдың-Көл” башталгыч мектебинин 4-классынын окуучусу Нурзаман Алмазбековдун карды жиреп мектепке бара жаткан видеосун баарыбыз көрдүк. Биз Нурзаман менен байланышып, айрым суроолорубузду узатып, жооп алдык.***

**– Нурзаман, алгач өзүң, үй-бүлөң тууралуу айтып берчи?**

– Биз Коо-Чаты айылында турабыз. Үй-бүлөдө 6 биртууганмын. Алардын ичинен бешөөбүз мектепке барабыз. Бир карындашым бала бакчага барат. Атам, апам болуп жашайбыз. Атам айылда курулушчу болуп иштейт, апам болсо үй кожейкеси. Апам бөбөгүмдү карайт, биздин сабактарыбызды окутат, таттууларды жасап, мектептен келишибизди күтүп алат.

**– Сен жашаган айыл тууралуу да билгибиз келип жатат...**

– Биздин Коо-Чаты айылы абдан кооз. Көп бак-дарактар бар. Бизде кыш мезгилинде кар көп жаайт, видеодон көргөнүңүздөрдөй кар калың жаайт. Бирок кар жааган бизге абдан жагат. Анткени, досторубуз менен түркүн оюндарды ойнойбуз. Чана тебебиз, кардан аяз ата жасайбыз.

**– Мектепке канча убакытта жетесиң? Мектепте бардык эле шарттар барбы?**

– Мектепке 25 мүнөттө жөө басып жетебиз. Мен көбүнчө, мектепке досторум менен барам. Кээде карындашым менен кетем. Биздин Айдың-Көл мектеби 1 кабаттуу, абалы жакшы эле. Окуу класстары жылуу. Бирок мектепти ондоп башка чоң мектептердей кылып коюшса жакшы болмок. Мектепте футбол аянты бар, ал жерде көп окуучулар футбол ойнойбуз.

**– Кайсы сабактарга кызыгасың?**

– Мен математика, адабий окуу, дене тарбия сабактарына кызыгам. Биздин мугалимдер да өтө мыкты. Алардын ар бирин жакшы көрөм.

**– Келечекте, кайсы кесиптин ээси болгуң келет?**

– Чоңойгондо актёр болуп, киного тартылгым келет. Атам менен апамды Меккеге алып барсам, дүйнөлүк футболист Криштиану Роналдуга жолуксам деп кыялданам.

“Айдың-Көл” башталгыч мектебинин мугалими **Калыбай кызы Мээримгүл:**

### “ҮЛГҮЛҮҮ ОКУУЧУЛАРЫБЫЗ КӨП”

**Нурзамандын кар жиреген видеосун телефонго тартып алган башталгыч класстын мугалими Калыбай кызы Мээримгүл менен да байланышып, видео кандай максатта тартылганын жана мектептеги окуучулар тууралуу сурадык.**

"Мен ошол кар оор жааган күнү мектепке эрте бардым. Ал кезде мектепке окуучулар келе элек экен. Мен окуучуларды кароо максатында мектептин дарбазасына чыкканда, эң алгач жоопкерчиликтүү кадам менен билим алууга умтулуп шашып, басып келе жаткан окуучумду көрүп видеого түшүрдүм. Ал видеону ата-энелер группасына жөнөттүм. Анткени мектептин алыс жакынына, күндүн суугуна карабай мектепке балдарды жиберүү максатын көздөдүм. Нурзаман мектепке активдүү, сабакты жакшы окуган окуучу. Бул баланын башка бир туугандары да мектепте үлгүлүү окуучулардан. Баары жакшы окушат. Ата-энеси балдарын ар тараптуу өнүктүрүүгө, билимдерине өзгөчө көңүл бөлгөн, мыкты тарбия берген адамдар. Ал эми Нурзамандын артында биздин мектеп, айылыбыз, таланттуу окуучуларыбыз тураарына абдан сыймыктанам. Нурзамандын мектепке карай баскан кадамы көп балдарга үлгү болсо дейм”.

**Даярдаган**
**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

ДКО-2026

# КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫ ӨЗГӨЧӨ ӨТӨТ

***Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын эл аралык катчылыгынын PR-менеджери Айзада Нурадилева бул жолу Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары өзгөчө форматта өтөөрүн билдирди. Ушул күндөрдө ага даярдык кызуу башталып, элчилерди дайындоо, келишимдерди түзүү, расмий видеороликтерди тартуу иштери башталган. Биз Айзада айымга кайрылып, бул жолу оюнга кандай даярдык көрүлүп жатканына кызыгып суроо салдык.***



**– Айзада айым, Дүйнөлүк Көчмөндөр оюнуна кандай даярдыктар көрүлүп жатат? Анын өзгөчө форматта өтөөрү айтылууда?**

– Ооба, даярдык иштери жүрүүдө. Оюндарга 90го чукул өлкөдөн катышуучулар менен меймандардын келиши күтүлүүдө. Азыр иш-чараны таанытуу, элчилерди жайылтуу иштери уюштурулуп жатат. ДКОну ар кайсы тармакта амбассадорлор таанытат. Алсак, Айсулуу Тыныбекова, Эдуард Кубатов, Айым Айылчиева, МанасНиязов, Адилет Ногойбаев, Келдибек Атайбеков, Асел Минагава өңдүү 30дай белгилүү адам менен келишим түзүлдү. Алар түрдүү тематика боюнча маалымат берип, оюндардын маанилүүлүгүн чагылдырышат. Андан тышкары ачылыш аземине чейин бир топ иш-чаралар орун алат. Мисалы, “Биримдик Кербени” уюштурулат.

**– Бул кандай кербен? Ага кимдер катышат?**

– Көчмөндөр оюнунда башкы 1 баатыр жана жети облус жана эки шаардын ар биринен 10 элчи бирден баатыр шайланат. Алардын негизги вазийпасы облустардагы дарыя же мөңгүдөн суу алып, ачылыш аземге алып келүү болот. Тактап айтсак, июнь айында элчилер жана баатырлар өздөрү дайындалган аймактардагы мөңгү жана дарыялардан көөкөргө суу алышат. Ал суу аймактарда атайын кооздолгон жайларга сакталат. Суу куюлган көөкөр сакталган жерге жергиликтүү эл келип көрүп, сүрөткө түшүп кетсе болот. Кийин бул суулар борбор калаага алынып келинет. Көчмөндөр оюнунун негизи баатыры Хан-Теңири чокусундагы мөңгүдөн суу алып келет. Оюндун ачылыш аземинде ушул суулар бириктирилет. Бул символикалуу бир учур болот. Эгер башка өлкөдөн келген оюнчулар өздөрүнөн суу алып келип кошобуз десе ал да кошулат. Чогултулган суу оюндарды өткөрүү кезегин алган өлкөгө тапшырылат. Азыр ушул иш-чаралар уюштурулууда. Оюндун ачылышын театралдаштырган режиссёрлор да иштеп жатышат. 2026-жылдын 31-августу, Эгемендик күнүндө VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ачылышы болсо, негизги иш-чаралардын бардыгы Ысык-Көл облусунда өтүп, 6-сентябрда жыйынтыкталат.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 14-ДЕКАБРЫНДАГЫ №343 “АКЫЛМАН” ПРЕЗИДЕНТТИК ЛИЦЕЙИ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Каржылоо механизмин өркүндөтүү жана каржылоо булактарын кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-декабрындагы № 343 “Акылман” президенттик лицейи жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“2) “Акылман” лицейин каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүргүзүлөт;”;

2) 3-пункттун биринчи абзацы “Кыргыз Республикасынын Конституциясы” деген сөздөрдөн кийин “, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер” деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланууга тийиш жана 2025-жылдын 1-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-декабры, №366***

МАЙДА, БИРОК МААНИЛҮҮ

### КАБУЛДА КЫРГЫЗСТАНДЫН СООДА ҮЙҮ АЧЫЛДЫ



Кыргызстан Ооганстанга эмне экспорттойт? - деген суроо сизди кызыктырбай койбосо керек. Статистикалык маалыматтарга караганда ушул күнгө чейин Кыргызстан Ооганстанга көбүнчө мөмө-жемиштер, кумшекер, кургатылган жемиштер, жаңгактын түрлөрүн, минералдык суулар, кагаз буюмдары жана башка товарларды экспорттоп келген. Мындай кызматташтыктын аркасында ушул аптада Кабулда Кыргызстандын соода үйү ачылганы кабарланды. Эми аталган өлкөгө экспорт дагы көбөймөкчү. Бул тууралуу Экономика жана коммерция министрлигинин басма сөз кызматы билдирди. Иш-чарага Экономика жана коммерция министри Бакыт Сыдыков жана Ооганстандын өнөр жай жана соода министри Нуруддин Азизи катышты. Соода үйүнүн ачылышы ата мекендик продукцияны эл аралык рынокко илгерилетүүгө, эки өлкөнүн ишкерлеринин ортосунда түз ишкердик байланыштарды түзүүгө жана өз ара товар жүгүртүүнү кеңейтүүгө өбөлгө түзөрү айтылууда.




### ЧЕК АРАДА КӨЗӨМӨЛ КҮЧӨТҮЛӨТ

Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги Фитосанитардык кызматтар санариптештирилип, чек арада көзөмөл күчөтүлө турганын билдирди. Бул үчүн мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү санариптик форматка өткөрүүгө, аларды көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатууга, ошондой эле мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштырууга багытталган жумушчу топ түзүлгөнү белгилүү болду. Бул кадам коррупцияны азайтууга жана фитосанитардык коопсуздукту камсыздоого багытталууда.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

КЫЛЫМ ДОЛБООРУ



# “КЫТАЙ–КЫРГЫЗСТАН–ӨЗБЕКСТАН” ТЕМИР ЖОЛУНУН КАРАЖАТЫ ЧЕЧИЛДИ

***Кыргыз Республикасын Чыгыш Азия менен Европа өлкөлөрүнө чейин кулачын жайган транзиттик өлкөгө айлантып, туңгуюктан чыгаруучу “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолу боюнча келишим түзүлгөнүн, курулушу башталганын билебиз. Ушул жумада аталган ири долбоор боюнча дагы бир жакшы саамалык ишке ашып, “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолун куруу үчүн насыялык макулдашууга кол коюлду.***

Баарыбызга маалым болгондой, “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жол долбоорунун баасы 4 млрд 700 млн доллар деп бааланган. Каражаттын 51%ын Кытай өлкөсү, ал эми Кыргызстан менен Өзбекстан 24,5%дан бөлмөй болгон. Ошондой эле Кытай мамлекети 4 млрд 700 млн доллардын жарымын – 2 млрд 350 млн долларды үч өлкө түзгөн Биргелешкен долбоордук компанияга насыя катары бермей болгон. Ал ишке ашып, жогоруда белгиленген келишим түзүлдү. 2,3 млрд доллардын тегерегиндеги каражатты үч өлкө түзгөн Биргелешкен долбоордук компанияга Кытай өлкөсү 35 жылга насыя катары берүүдө. Бул насыяны киреше түшө баштагандан тарта Кытай, Кыргызстан жана Өзбекстан мамлекеттеринин Биргелешкен долбоордук компаниясы төлөйт. Ал эми калган 2,3 млрд долларды буга чейин айтылгандай, үч мамлекет чогуу чыгарат, сумманын 51%ын Кытай берсе, Кыргызстан менен Өзбекстан 24,5%дан чыгарат.

Президент Садыр Жапаров бул боюнча учурунда так түшүндүрмө берип: “Үч өлкө биригип биргелешкен компания түздүк. Компаниянын кеңсеси Бишкек шаарында. Башкы директору кыргыз тараптан болду. Ал эми эки орун басары эки жактан болду. Каражаттын баары Бишкек аркылуу өтөт. Демек, темир жол бүткөнчө канча каражат кеткени биздин жана үч өлкөнүн көзөмөлүндө болот. Кытай тарап 51 пайыз акча салат, кыргыз-өзбек тарап 24,5 пайыздан акча салабыз. Эл аралык нормалар боюнча салынган каражаттар акталгандан кийин эки тарап чыгып кетип, 100% бизге калат. Бул жол биринчи кезекте башкаларга эмес, бизге керек. Туюк өлкөдөн түбөлүк чыгабыз. Европа жана башка өлкөлөр менен Кытайдын ортосунда транзиттик өлкөгө айланабыз. Экономикалык пайдасы да эбегейсиз зор болот” деген.

Ушул шейшембиде “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолун куруу долбоорун каржылоо үчүн насыялык макулдашууга кол коюу аземи болуп, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев катышты. Макулдашууга “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолу компаниясы” ЖЧКсы (Биргелешкен долбоордук компания) менен Кытайдын мамлекеттик өнүктүрүү банкынан жана ЭксимБанкынан турган Кытай Эл Республикасынын Банктар Синдикаты кол койду. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев өз сөзүндө каржы маселелери 2025-жылдын 20-декабрына чейин толук камсыз кылынышы керектиги белгиленгендигин жана ал бүгүн аткарылып жаткандыгын билдирди. Үч өлкө түзгөн “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолу компаниясы” ЖЧКнын Башкы директору Чжоу Син да сөз сүйлөп, бул Биргелешкен долбоордук компания макулдашуунун милдеттенмелерин ишенимдүү аткарып, өз убагында тейлөөнү камсыз кылуу маселесин толук ишке ашыраарын билдирди.

Белгилей кетсек, “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолунун курулушу техникалык-инженердик жактан өтө татаал долбоорлордун бири. Анткени, долбоордун алкагында жалпы узундугу 120 чакырымды түзгөн 50 көпүрө жана 29 туннел курулат. Бул жалпы темир жолдун 40%ы туннелдерден жана көпүрөлөрдөн тургандыгын көрсөтөт. Кыргызстандын аймагындагы “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолунун жалпы узундугу 304 чакырымдан ашат. Тереңирээк айтсак, темир жолдун линиясы Торугарт ашуусунан башталып, түндүктү көздөй Арпа жана Макмал конуштары аркылуу Жалал-Абадга өтүп, андан ары Өзбекстандын темир жол тармагына кошулат. Ары карай Түркмөнстан жана Иран аркылуу Түркияга, Европага чейин уланат. Бул Кытайдан Түркияга болгон жолду 900 чакырымга кыскартып, жайы менен кышында башка багыттарга салыштырмалуу татаалдыгы жок жолго айланат. Негизи, бизге темир жол маршрутунун узак болгону пайдалуу болчу, ага жетиштик. Анткени, жол айылдарды көбүрөөк аралап өтсө, ошол жерде инфраструктура курулат. Темир жолду жээктей жайгашкан айылдар өнүгүп, жергиликтүү элдин социалдык абалы, жашоо-турмушу оңолот. Ошондой эле темир жол менен ташылган жүк бир топ арзан болот. Товар канчалык арзан ташылса, жүктүн көлөмү да көбөйөт.

Эң башкысы, “Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан” темир жолунун курулушу менен биздин өлкө транспорттук туңгуюктан чыгат. Себеби, жаңы темир жол коридору Азиядан Түркия аркылуу Европага, Жакынкы Чыгыш аймагы, Иран, Перс булуңунун өлкөлөрү жана Түндүк Африкага жүк ташуунун географиясын кеңейтет. Демек, биз Евразия континенталдык көпүрөсүнүн түштүк бутагына илинип, Түштүк-Чыгыш, Батыш Азия жана Жакынкы Чыгыштын базарларына жол ачылат. Тактап айтканда, миллиарддаган долларлар минутасына айланган дүйнөлүк рыноктун ичине киребиз. Бул өлкөбүздүн өнүгүшү үчүн чоң экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү берип, көкүрөгүн көтөрө баштаган инвестициялык климатыбыз жакшырат. Айтор, биз үчүн Европа менен Кытайды бириктирген кубаттуу мамлекетке айлануу мүмкүнчүлүгү жаралууда. Жараткан өзү жар болуп, аталган темир жол белгиленген мөөнөттө курулуп бүтүп иштей баштаса, мамлекетке жылына бери дегенде 200 миллион доллар киреше түшө баштайт. Биринчиден, бул мамлекеттин капчыгына чоң пайда алып келсе, экинчиден, Чыгыштан тартып Европага чейинки өлкөлөргө жол ачылып, экономикабыздын кулачы кеңейт.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШ



**Искендер ШАРШЕЕВ, экономист:**

# “ТРИЛЛИОНДУК БЮДЖЕТ – МҮМКҮНЧҮЛҮКПҮ ЖЕ СИМВОЛБУ?”

***2025-жылы Кыргызстандын бюджети тарыхта биринчи жолу триллион сомдон ашты. Бул өсүш боюнча экономист Искендер Шаршеевди кепке тарттык.***

**- Искендер Шеримбекович, Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев 2025-жылы консолидацияланган бюджет 1,1 триллион сомдон ашканын билдирди. Бул чыныгы экономикалык өсүштүн белгисиби?**

- Расмий айтылган сандар бюджеттик түшүүлөрдүн пландан кыйла жогору аткарылганын көрсөтөт. Бекитилген 708,8 млрд сомго салыштырмалуу кошумча 381,7 млрд сомдук өсүш — фискалдык жактан олуттуу көрсөткүч. Бул киреше администрлөөнүн жакшырганынан, көмүскө экономиканын ачыкка чыгышынан, салыктык жана салыктык эмес түшүүлөрдүн кеңейишинен улам болушу мүмкүн. Ошол эле учурда экономиканын чыныгы абалы ИДП, инфляция, инвестиция жана өндүрүш сыяктуу көрсөткүчтөрдүн жыйындысы менен бааланат. 2025-жылдын алгачкы 10 айында ИДПнын 10%га өсүшү жөнүндө маалымат бюджеттин динамикасы менен катар айтылууда.

**- Консолидацияланган бюджеттин 1 триллион сомдон ашышы тарыхый окуя деп айтууга болобу?**

- Номиналдык мааниде – ооба, бул өлкө үчүн биринчи жолу жеткен символдук чек. Бирок экономикалык мазмуну каражаттын көлөмүндө эмес, анын канчалык натыйжалуу жана туруктуу пайдаланылышында. Триллиондук бюджет – мүмкүнчүлүк, ал эми анын узак мөөнөттүү таасири чыгашанын сапатына жана киреше базасынын бекемдигине жараша болот.

**- Бул өсүш кайсы булактардын эсебинен камсыздалууда?**

- Консолидацияланган бюджетке республикалык жана жергиликтүү бюджеттер, салыктык кирешелер, Улуттук банктын кирешелери, мамлекеттик ишканалардын дивиденддери, ошондой эле Социалдык фонд менен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун каражаттары кирет. Өсүшкө салык жана бажы реформалары, фискалдык тартиптин күчөшү, санариптештирүү, ККМ сыяктуу инструменттер аркылуу көмүскө каражаттардын ачыкка чыгышы, салыктык эмес кирешелердин дээрлик үч эсеге көбөйүшү негизги фактор болду.

**Чынайым КУТМАНАЛИЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

СОБОЛ САП

# “БИЙЛИКТИН ЭЛГЕ ЖАКЫНДЫГЫНЫН СЫРЫ – ЭЛДИК КУРУЛТАЙДЫН ЖЕМИШИ”



***Келээрки аптанын соңунда өлкөбүздө IV Элдик Курултай жүз бергени турат. Ушу тапта өлкө аймагы боюнча бөлүнгөн квоталарга ылайык делегаттар шайланып, бул жаатта календардык иш графикке ылайык бардык айыл аймактарда өкүлчүлүктүү жыйындар толугу менен өткөрүлүп, кеңештин токтомдору кабыл алынганы маалым болду. Делегаттарды шайлоо, жалпысынан камылга жакшы болгону менен Курултайда кандай маселелер көтөрүлүшү керек? Буга чейинки (жол куруу, мектеп, бала бакча салуу ж.б.) көтөрүлгөн көйгөйлөр кайрадан кайталанма иретинде айтылып калбайбы? Дегеле Элдик Курултайдын өзөгү эмнеде? Уңгусу, маани-маңызычы? Биз, бул сапар дал ушул соболдорго жооп издедик.***

Элдик Курултайдын Улуттук Кеңешинин 2 жолку мүчөсү **Мария Төлөгөнова:**

### “ДЕЛЕГАТТАР УҢГУЛУУ МАСЕЛЕЛЕРДИ КӨТӨРҮШСӨ...”

– Элдик Курултай - коомдун өнүгүү багыттары, коомду жана мамлекетти социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча маанилүү маселелерди чечүү, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, жарандык коомду өнүктүрүү, руханий-идеологиялык маселелер боюнча сунуштамаларды бере турган кеңешүүчү, байкоочу коомдук-өкүлчүлүктүү жыйын. Элдик Курултай КРнын социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий өнүгүүсүнүн негизги багыттары боюнча мамлекеттик органдардын маалыматтарын угат жана алар боюнча өз сунуштамаларын кабыл алат. Элдик Курултай мыйзам чыгаруу демилге укугун ишке ашырат. КРнын Президентинин кайрылуусун, Жогорку Кеңештин Төрагасынын, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн, мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, алардын иши жөнүндө баяндамаларын угат. Өлкө Президентинин, парламент Төрагасынын, Министрлер Кабинетинин сунушу боюнча мамлекеттик жана коомдук маанидеги башка маанилүү маселелерди талкуулайт жана алар боюнча өз сунуштарын берет. Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешине өз өкүлүн шайлайт. Өлкө Башчысына Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүн жана аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилерин кызмат ордунан бошотуу жөнүндө сунуш киргизет. Андыктан, Элдик Курултайга делегат болуп келгендер дал ушул маселелердин айланасында демилгелүү иштерди жүргүзүшсө дээр элем.

Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты **Ибрагим Жунусов:**

### “ЭЛДИК ЖЫЙЫНДА САЛТ-САНААБЫЗ, УҢГУБУЗ ТУУРАЛУУ ОЙ КАЛЧАШСА ДЭЭР ЭЛЕМ”

– Бизге Элдик Курултай сөзсүз түрдө керек. Курултай бул – элдин үнү, анда депутаттар көтөрбөгөн маселелерди, алар билбеген көйгөйлөрдү карапайым эл абдан сонун билет. Андай көйгөйлөрдү карапайым элдин арасынан келген Курултайдын делегаттары улуу жыйынга “көтөрүнө келип”, маселелер ачык айтылат. Керек болсо жыйынтыгы да жүр-нарыга салынбастан чечилет. Алыскы аймактардагы айыл өкмөттөрү чече албаган түйүндүү иштерди Курултайдын делегаттары ортого салып, чечилет. Элдик Курултай институту маселелерди чече алган элдик орган болуп калды. Биз бул жагын танбашыбыз керек. Буга чейин да Курултайда айтылган маселелердин көпчүлүгү чечилип жатканынан баарыбыз эле кабардар болсок керек. Мисален, учурда мектеп, бала бакча, суу, жол көйгөйлөрү көтөрүлүп келсе, алдыда күтүлүп жаткан Курултайда энергетика маселеси жалпы улуттук масштабдагы программа катары көтөрүлүшү мүмкүн. Буга удаа жергиликтүү атка минерлердин начар иштери да эл тарабынан айтылып, жыйынтыгы менен аларга карата чара көрүлөт болуш керек. Ошондуктан, Элдик Курултайдын болуп турганы жакшы нерсе деп ойлойм. Азыркы бийликтин элге жакын болушунун дагы бир себеби, дал ушул Элдик Курултай институтунун иши деп билем.

Бишкек шаарынын тургуну **Айбек Калыков:**

### “ТОЙ АШТАРДАГЫ АШЫКЧА ЧЫГАШАЛАР КҮЧӨП БАРАТАТ”

– Жеке мен мисалы, мектеп, жол сыяктуу маселелерди алдыдагы аз жыл ичинде мамлекеттик бийлик толук чечип берээрине ишенем. Демек, бул сапар делегаттардын Элдик Курултайга коё турган маселелери башкача болот деп күтүүдөмүн. Мисален, бул улуу жыйында соңку жылдарда кемий баштаган улуттук нарк, салтыбыз, тилибиз өңдүү маселелер чечилиши зарыл. Бул бир топ оор маселе. Бирок, келе турган делегаттардын арасында ушул маселелерге түйшөлгөндөрү бар го деп ойлойм. Кайсыл гана мамлекетти албайлы, бийлик чече турган, анан эл өзү чече турган көйгөйлөр бар. Элдик Курултай эл чече турган маселени так айырмалап, аны элге жана бийликке сунуштай баштаганда өзүнүн туура жолуна түшкөн болот. Кыргызда “Хан бийлигинен нарк күчтүү” деген макал бар. Так ошол нарк-салтка тиешелүү маселелерди эл өзү чечиши керек. Кийинки жылдары “аш көп болсо, каада көп болуп” той аштарда ашыкча чыгаша коротмой күчөп баратат. Бул боюнча Президенттин Жарлыгы деле чыкты. Бирок, токтобой жатат. Мындай маселе Элдик жыйында каралып, Курултай тиешелүү чечим кабыл алышы керек. Ошондо ал туура жолго салынат. Ушул өңдүү олуттуу маселелерди Элдик Курултайга делегаттар сунуштап чыкса дээр элем.

Элдик Курултайдын эки жолку делегаты **Замир Алдаяров:**

### “УҢГУЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИБИЗДИ КӨТӨРҮҮГӨ МЕЗГИЛ КЕЛДИ”

– Улут тарыхы менен тарбияланат. Тарыхын жана тилин билбей өскөн улут өз тагдырындагы, өз доорундагы улут деп эсептелбейт. Ошондуктан, биз буга терең маани беришибиз абзел. Өз тарыхы менен тилин билбей өскөн улут бара-бара түп тамыры менен жок болот. Мектептерде, бала бакчаларда жаштарды мекенчилдикке, тилин так сүйлөп, тарыхын билүүгө тарбиялашыбыз керек. Бул үчүн бийликтегилер, мугалимдер, ата-энелер, коомчулук, өзгөчө журналисттер баарыбыз тынымсыз аракет жүргүзүшүбүз зарыл. Интернеттен балдарыбыз, айрыкча мектепке чейинки тестиерлер чет элдик тилдеги мультфильмдерди көрүп жатып тили аралаш, түшүнүксүз чыга баштады. Муну ойлонушубуз керекпи? Мындан тышкары Кытай элин визасыз Кыргызстанга киргизүүгө чектөө коюш керек. Алардын турак жай сатып алуусуна, гранттык карыз алуусуна да чектөө киргизбесек болбойт. Миллиарддаган Кытай кокус каптап кетсе, өз жерибизде чоочун болуп калабыз. Олуя Калыгул Бай уулу: “Сары каапыр кетээр (орус эли), кара каапыр келээр (кытай эли). Ошондо кайран гана сары каапырым дээрсиң кыргызым...” - деп айткан. Анын сыңары буларды тизмектегеним, Курултайдын делегаттары дал ушундай келечекке багытталган уңгулуу маселелерди көтөрүшсө, элдик жыйында идеология, салт-санаабыз, уңгубуз тууралуу ой калчашса дээр элем.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

## КУРУЛТАЙ — ЭЛ МЕНЕН БИЙЛИКТИН ОРТОСУНДАГЫ ЖАНДУУ КӨПҮРӨ

Кыргызстан Улуттук Элдик Курултай ассоциациясынын төңтөрагасы **Бейшенбек АБДЫРАЗАКОВ:**

***Элдик Курултайдын коомдогу орду, анын реалдуу таасири жана келечектеги ролу бүгүн коомчулуктун көңүл чордонунда. Бул институт эл менен бийликтин ортосундагы ишенимди чындап алабы же символдук аянтча бойдон калабы? Көчмөн демократиянын заманбап уландысы катары канчалык деңгээлде натыйжалуу иштеп жатат? Ушул жана башка суроолорго коомдук ишмер Бейшенбек Абдыразаков жооп берди.***



**- Бейшенбек мырза, жылда өтүп жаткан Курултай эл менен бийликтин ортосундагы ишенимди чындай алды деп айта алабызбы?**

- Ооба, бүгүн Курултай эл менен бийликтин ортосундагы жандуу көпүрө катары калыптанып келе жатат деп ишенимдүү айта алам. Ал элдин үнү түз жеткен, коомдук маселелер ачык айтылып, талкууланган элдик трибунага айланды. Менин түшүнүгүмдө Курултай – бул элдик бийлик, элдик башкаруу, элдик демократия жана элдик көзөмөлдүн бир формасы. Ошол эле учурда ал Манас атадан калган руханий мурастын, улуттук башкаруу салтынын заманбап уландысы болуп саналат.

**- Көчмөн демократиянын уландысы катары Курултай бүгүнкү замандын талабына жооп берип жатабы?**

- Курултай көчмөн демократиясынын заманбап уландысы катары жаңыдан гана калыптанып жатат. Бул - табигый процесс. Кыргызда “көч бара-бара түзөлөт” деген накыл сөз бар. Убакыт өткөн сайын, тажрыйба топтолгон сайын Курултай толук кандуу, натыйжалуу институтка айланат деп ишенем.

Кыргыз эли – байыркы көчмөн цивилизацияны түптөгөн улуу эл. Манас империясын, Атилла доорун, Улуу Кыргыз каганатын түзгөн тарыхыбыз бар. Тилекке каршы, эгемендикке ээ болгондон кийинки акыркы 30 жыл ичинде батышты да, чыгышты да көз жумуп туурап, улуттук менталитетке шайкеш келбеген башкаруу моделдерин көчүрүп алдык. Мунун кесепетинен коомдо туруктуу өнүгүү болбой, үч ирет саясий силкинүүлөр орун алды. Коом өзүнө ылайык башкаруу жолун таба албай келди.

Дал ушул шартта Элдик Курултай улуттук башкаруу салтына кайтуунун, эл менен бийликтин ортосунда түз диалог орнотуунун маанилүү аянтчасы катары пайда болду. Анын негизги баалуулугу - элдин пикири угулуп, көйгөйлөр түз айтылып, бийлик элдин алдында жоопкерчилик ала баштады.

**- Курултайдын таасирин жогорулатуу үчүн эмне кылуу керек?**

- Биринчиден Элдик Курултай тууралуу конституциялык мыйзамга так жана терең өзгөртүүлөр киргизилиши зарыл. Институттун укуктук макамы так аныкталмайынча, анын коомдогу салмагы да толук сезилбейт.


Экинчиден, Жогорку Кеңеш өзүнүн негизги - мыйзам чыгаруу жана көзөмөл жүргүзүү функциялары менен гана чектелиши керек. Мамлекеттик башкарууда ар бир орган өз ордунда, өз ыйгарым укугунун чегинде иштеши абзел.

Үчүнчүдөн, мыйзамда Курултай өкүлчүлүктүү орган катары көрсөтүлгөн соң, ал чыныгы, толук кандуу өкүлчүлүктүү институт болуп иштеши шарт. Менин оюмча, Жогорку Кеңеш эки палаталуу түзүлүшкө өтүшү керек: мыйзам чыгаруу палатасы жана эл өкүлчүлүк палатасы.

Мыйзам чыгаруу палатасында 90 депутат, ал эми эл өкүлчүлүк палатасында 700 делегат иш алып барса, эки палатанын бириккен формасы Элдик Курултай деп аталышына толук негиз жаралат. Мындай система элдин үнүн түз жеткирген, бийликке реалдуу коомдук көзөмөл орноткон натыйжалуу модель болмок.

**Чынайым КУТМАНАЛИЕВА**

УЛУТТУК АДАБИЯТ



# ӨЛГӨНБҮ же ӨЛТҮРҮЛГӨНБҮ?!..

*(Башталышы "Эркин-Тоонун" 16.12.2025-ж., №99 (3756) санында)*

Ошентип, орус Аркадий Ковалевдун өмүрүн сактап, өзүн досу үчүн төшүн баатырларча тосуп берди. Жарадар орус аскери Аркадий Султандын өлүмүнө, ага согуш талаасындагы калыссыз, адилетсиз мамиле жасалганына күйүп-бышат, жан дүйнөсүндө өрттөнөт, абийир алдында Султандын күнөөсүз күнөөлүү болгонуна тынчсызданат, өзү өлүмгө кетип, досунун өмүрүн сактап калганына кейийт, акыйкатты, чындыкты издейт! Бирок, кимден? Замандanбы? Командирденби?! Сталинденби?!... Согуштук буйрук болсо деле адамды баалоого, кырдаал, шартты түшүнүүгө болбойбу?! Адамдын тагдырына айбанча мамиле кылып, согушка шылтап коюш керекпи?! Адам тагдырын шашылыш чечүү керек беле?! Согушка катышкан ар бир солдат жеңишти камсыз кылууга бүткүл жан дилин, керек болсо өмүрүн бербеди беле?! Туткунга түшсө, же чыккынчы болсо баары бир экен... Согушта гумандуулук керекпи? Аркадий Ковалевдун ой жүгүртүүсү адам маселесин биринчи орунга коёт: «Но солдат – не винтовка, его нельзя изготовить заново. Если он погиб, то это утрата для тысяч и миллионов, потому, что вместе с ним погибает часть их самих, часть жизни, часть мира. Если бы тот капитан знал, что убив своего солдата, он убил себя, оторвал свою руку, отдалил свою победу. Нет, друг, чтобы ты мне не говорил, только я не согласен с этим приказом, приказ – сила, когда он мне помогает, а не губит меня. Приказ должен быть разумом, а не жестокостью.»

Чыңгыз Айтматовдун согуш жөнүндөгү позициясы каармандары Аркадий Ковалевдон, Ысмайылдан, Сергийден, Толгонайдан, Алимандан, Даниярдан, Эдигейден, Абуталиптен көрүнөт, улам ар бир каарманга жазуучу согуштун алааматы тууралуу ааламдык ойду сыйдырат. Демек, жазуучунун согуш темасына арналган чыгармаларынан бир кызыл сызык линия бар экенин, өткөнүн байкаса болот. Ал – согуш канчалык азап, катаал сыноо болбосун, кырк жылга тете кыргын болбосун адам дайыма «Адам» деген улуу атты сактап калуусу керек. Ал эми катаал согуштун азап-тозогу, капа-кайгысы менен бирге согуштун, бөлгондо да немис душмандардан эмес, өзүбүздүн, советтик бийликтин согушка катышкан солдаттарга жасаган гуманссыздыгы Абуталип, Султандын тагдыры мамлекеттик, аскердик жетекчиликтин моюнуна тагылган күнөө, айып далили.

Балким, мына ошондуктан Абуталиптин тагдырын баяндаган «Чыңгызхандын ак булуту» советтик цензурадан өтпөй калгандыр. Балким, жарадар болгон орус солдаты Аркадий Ковалевду кыргыз жоокеринин өмүрүн сактап калышы цензурага жакпай калгандыр...

Мен ушундан төмөнкүдөй жыйынтыкка келип жатам: эмне үчүн орус солдаты жарадар болот, эмне үчүн орус солдатын кыргыз жоокери сактап калат?! Балким, цензуранын жана официалдуу бийликтин көз карашы боюнча, тескерисинче, орус солдаты жарадар болгон кыргыз солдатын сактап калышы туура болсо керек, ошондо гана улуу орус элинин гумандуулугу туура чагылдырылган деген тыянак менен чыгармага ошондо кең жоол берилмек. Чыгарманын сюжетинин логикасы дал ушундай болушу керек болчу...

Чыгармада кыргыз улутунун нарк-салты, улуу муун менен жаштардын психологиясынын ортосундагы айырмачылыктар, карама-каршылыктар даана, ачык чагылдырылган. Чыгармадагы бир көрүнүштү келтире кетели: «Младший Амандосов стал разливать по рюмкам, а отец шутливо заметил:

– Чоке, ты не удивляйся. Таков теперь обычай молодежи. Вроде бы, без водки и гость не гость, а бешбармак без водки – совсем не в счет. В прежние времена мы ее и не знали, водку, и не обижались, что ее не было.

Все посмеялись.

– Ну, то в прежние времена! – возразил отцу сын. – А сейчас мы все же выпьем».

Аксакалдардын алдында жаштардын арак, вино ичип отурушу, дегеле алардын ичкилик ичиши натуура. Орустун ар бир киносунда же чыгармаларында арак ичүү көрүнүшүн көрсөтүү, чагылдыруу сөзсүз бир деталь, атрибут болуп калган. 50-жылдардан тартып мындай көрүнүш кыргыз турмушунда жайылып, эски карылардын көзүнө комсоо көрүнсө да, орто жана кийинки муундагылар ичкиликти сыйлашуунун бир белгиси катары кадимкидей көндүмгө айланта баштакан. Ал эми чыгарманын эпизодунда Чодрон карыя «бул айылда карыялар ичкилик ичишпегени жакшы» деген ой жүгүртүүсү жогоруда айтканга карама-каршы келип жатпайбы?!... Жазуучу кичинекей эле көрүнүш менен элдик салттын акырындап турмуштан сүрүлүп баратканын көрсөтүп жатпайбы?! Балдарды окуткан, билим, тарбия берген каармандар Алтай Жакыпович, Сакен Умеровна, Амандосов, Алма аксакалдардан тартынбай эле алардын көздөрүнчө арак-шарап ичип отурушпайбы?! Жазуучу атайы мугалимдердин «современный» тибин сүрөттөп жатат. Ч. Айтматов аларды айыптаган жок, бирок... турмуштун агымы кыргыз элинин наркын тынымсыз агызып баратканына тынчсызданат...


Экинчиден, жазуучу Амандос бүркүтчүнүн тагдырын сүрөттөп, сыймыктанат. Атабабалар ардактап келген кесип, өнөр, ар бир эле адамдын колунан келе бербейт. Бүркүттү кармоо, таптоо, багуу, кам көрүү өзүнчө эле бир татаал да, кызыктуу да машакат. Жазуучу Амандос карыянын өмүрүн, психологиясын өтө берилүү жана билгичтик менен айтып берген. Ошону менен бирге адамдын жаратылыш менен болгон мамилеси, кызыгуусу, суктануусу чыгармада чагылдырылган. Табияттын өз мыйзамы бар. Бүркүт туулганда эле бүркүт болуп калбайт, балапанын «тарбиялоо» процессинин да өз жагдайы болот. Алгач бийик асманга «ата-энеси» алып учат да, ылдый жерге карай таштап жиберишет. Аскаларга урунуп калбаш үчүн «ата-энеси» канаттары менен калкалап, багыттап, жаш бала тамтуң баскандай кылдат байкап турат. Ошондо гана ал карга болбой, бүркүт болот. Ч. Айтматов бүркүт аркылуу подтексттик ой айткысы келсе керек. Султан да тоолуктардын бүркүттөй ар-намыстуу жигити, Чодрондой, Амандостой нарк билген, намысын бийик сактаган аталардын тарбиясын көргөн жигит болгон. Бекеринен Амандос карыя бүркүтүн согуштан Султан аман-эсен кайтып келсе, «ыроолоп белекке берем» – деп төлгө кылып кыялданбайт. Тилеги орундалбай калганда бүркүтkө эркиндик берип, учуруп жиберет.

Ал эми чабалекейлерчи?! Чодрон карыя телеграф зымында тизилип катар турган чабалекейлерди көргөндө суктанып карайт, алардын каз-катар тизилип жылуу жактарга кайтып кетип баратышканын карап туруп жан дүйнөсүн кусалуу сезиминин толкундары каптайт. Дегеле, Ч. Айтматов жаныбарларды, куштарды, айбанаттарды чыгармаларында колдонууну жакшы көрөт, чыгарманын мазмунун тереңдетет, көркөмдүүлүгүн арттырат. Чыгармадагы бүркүт болобу, чабалекей болобу, же таза булак болобу Чодрон карыянын жан дүйнөсү менен параллель сүрөттөйт, ички монологу аркылуу уулу Султан менен сүйлөшөт, кубанат, сүйүнөт, ыраазы болот.

Акыл-эс өткөндү сактаганга, учурга жана келечекке берүүгө милдеттүү жана жоопкер. Султандын элеси класста окуткан балдардан баштап айылдык карапайым адамдарга чейин сакталышы, демек, анын аз жашаса да өрнөктүү өмүр сүргөндүгүн билгизет. Согуш болбосо суктанарлык сулуу Алма уулу Султандын келинчеги болмок, азыр неберелери менен бирге отурмак. Алма болсо Султан мугалимин жакшы көрүп калгандыгын жашырбайт. Мезгилдер өтсө да адамдардын акыл-эсинде жакшы нерселер сакталышы керек экен. Мына ошондо гана тарых өз ирээти менен өнүгөт эмеспи. Чодрон карыя да уулунун «өлбөстүүлүгүнө», «түбөлүк» адамдардын аң-сезиминде жашап жатканына ыраазы болуп жатат. Чыңгыз Айтматовдун чыгармасынын мурун жарык көргөн биринчи, азыр жарык көрө турган экинчи бөлүгү ушул идеяны тастыктап турат. Буга чейинки адабиятчылардын эмгектеринде бул чыгармага көп деле көңүл бурулбай, маани анчалык берилбей келиптир. Эми изилдөөчүлөр үчүн чыгарма толук вариантында кызыктуу илимий объект болуп берет деп ишенем.

Баса, чыгармада аңчы Амандос менен Султандын түлкү кармоо жөнүндөгү баянын Ч.Айтматовдун автобиографиялык «Балалыгым» чыгармасынан кезиктиргенбиз.

«Свидание с убитым сыном» повести Чыңгыз Айтматовдун көрүнүктүү чыгармаларынан болуп каларына шек жок. Саясий маселени камтыган чыгарма. «Бетме-бет» повестинен кийин согуш темасына «Жамийла», «Саманчынын жолунда» кайрылганы белгилүү. Бирок, анда согуш темасын жазууну башка жагдайларда сүрөттөгөн болчу. Согуштан качкан дезертирдин, күйөөсүнөн, үч уулунан ажыраган эненин образдары ачылган. «Свидание с убитым сыном» түздөн-түз саясатка барып такалып жатат. Балким, чыгарманы алгач, жалпы жонунан караганда саясий мүнөздөгү маселелер байкалбашы мүмкүн. Бирок, чыгармага терең үңүлө караганда жазуучу бийликтин аскердик буйруктарын ачык эле сындап жатпайбы?! Буйрукка баш ийген, баш ийбеген солдаттар, буйрукту кынтыксыз аткарган катаал командирлер. Согуштагы советтик солдаттын тагдыры душмандабы же кызыл армиянын жетекчилериндеби?! Же башкы командачы Сталиндеби?! Темирдей тартип болбосо Ата Мекендик согуш жеңиш менен аяктаар беле, Султанды кечирип койсо болор беле?! Чыңгыз Айтматовдун жазуучулук өзгөчөлүгү автор катары бүтүм чыгарбайт, окурмандын өз талдоосуна коёт, анткени, конфликттүү, катаал, татаал маселе. Чыгармадагы окуя окурманды ойго салса, демек, бул жазуучунун көркөм жетишкендиги...



**Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ,**
**Академик, Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору**

## НЬЮ-ЙОРКТО "МАНАС" ЭПОСУНА АРНАЛГАН БУУ РЕЗОЛЮЦИЯСЫНЫН 30 ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНДИ



***2025-жылдын 15-декабрында Нью-Йорк шаарындагы Бириккен Улуттар Уюмунун штаб-квартирасында кыргыз элинин улуу руханий мурасы – "Манас" эпосуна арналган БУУнун Башкы Ассамблеясынын 49/129-резолюциясынын кабыл алынганынын 30 жылдыгына карата эл аралык маданий иш-чара өттү.***

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министри Мирбек Мамбеталиев, Кыргызстандын БУУдагы Туруктуу өкүлү Аида Касымалиева, БУУнун Башкы Ассамблеясынын Төрагасынын орун басары, ЮНЕСКОнун Нью-Йорктогу кеңсесинин өкүлдөрү, БУУга мүчө мамлекеттердин туруктуу өкүлдөрү жана эл аралык эксперттер катышты.

Белгилей кетсек, 1994-жылы кабыл алынган бул резолюция "Манас" эпосун адамзаттын оозеки жана материалдык эмес маданий мурасы катары дүйнөлүк деңгээлде тааныган алгачкы эл аралык документ болуп саналат.

Иш-чаранын жүрүшүндө "Манас" эпосунда камтылган жалпы адамзаттык баалуулуктар – тынчтык, биримдик, адилеттүүлүк жана жоопкерчилик маселелери БУУнун негизги принциптери жана Туруктуу өнүгүү максаттары менен айкалыштырылып көрсөтүлдү. Ошондой эле Кыргызстандын 2027–2028-жылдарга карата БУУнун Коопсуздук Кеңешине мүчөлүккө талапкерлиги тууралуу маалымат берилди.

Программа расмий жана маданий бөлүктөрдөн, тематикалык панелдик талкуудан туруп, гибриддик форматта уюштурулду. Катышуучуларга "Манас" эпосунун философиялык тереңдигин, элдер ортосундагы ынтымакты жана руханий баалуулуктарды чагылдырган аудио-визуалдык материалдар тартууланды.

Өз сөзүндө Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министри Мирбек Мамбеталиев эл аралык коомчулукту 2026-жылы Кыргызстанда өтө турган Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына жана Ысык-Көл эл аралык форумуна катышууга чакырды.

Аталган иш-чара Кыргызстандын маданий дипломатиясын чыңдоого, улуттук руханий мурастын эл аралык коомчулукка кеңири таанытылышына олуттуу салым кошту. Эске салсак, 1995-жылы БУУнун Генералдык Ассамблеясы "Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесин эл аралык деңгээлде белгилөөнү колдоп, маарекелик иш-чаралар ЮНЕСКОнун алкагында өткөрүлгөн.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги жана Кыргыз Республикасынын БУУдагы Туруктуу өкүлчүлүгү тарабынан уюштурулду.

**Чынайым КУТМАНАЛИЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# 2025-жылдын

***Эмгеги менен элге таанылып, калк кызматында жүргөн адамдар ар дайым сыйга татыктуу. Өлкөбүздүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө салымын кошкон инсандарыбызды "Эркин-Тоо" гезити атайын сыйлыгы менен сыйлап, коомчулукка жарыя кылып олтурат. Сыйлыгыңыздар кут болсун, урматтуу сыйлык ээлери!***



**ТЕКЕБАЕВ**
**Тилек Кыдырмаевич,**
*КРнын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү*



**ЖЕТИГЕНОВ**
**Бакытбек Жеңишбекович,**
*КРнын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү*



**ЖУМАЕВ**
**Эрмат Жумаевич,**
*КРнын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү*



**САБИРОВ**
**Равшанбек Азатович,**
*КРнын Президентине караштуу инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин директору*

**"KAZ Minerals Bozymchak" компаниясы –**
*башкы директору Тулекеев Ильяс Валерьевич*

**"Желмаян" жоопкерчилиги чектелген коому –**
*Башкы директору Сатыбалды Турдубүбү*

**"КЕРЕМЕТ" Аксы бешбармак ишканасы –**
*директору Керимкулов Нурсултан Керимкулович*

**"Ак Эмгек" ишканасы –**
*директору Ибадилла уулу Эрнистбек*

**"Нур" эмерек жасоочу ишканасы –**
*директору Тыныстанов Жумабек Исмаилович*

**"Бимар" супермаркеттер тармагы –**
*директору Нуралиев Эркин Нуралиевич*

**"Атаман Кей Джи" ишканасы –**
*директору Осмонова Мавлуда Мамановна*

**Чайна Петроль Компани "Джунда" мунайды кайра иштетүүчү заводу –**
*төрагасы Хуан Цян*

**"ELSYOR" кесме чыгарган заманбап ишкана –**
*башкы директору Сыдыков Канатбек Дуйшалиевич*

**"Эл Азык" ишканасы –**
*башкы директору Касымбаев Руслан Качиевич*



**БОЛГОНБАЕВ**
**Самат Таалайбекович,**
*Аламүдүн районунун Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы*



**ТАЛАНТБЕК уулу**
**Руслан,**
*Өзгөн районунун Мырза-Аке айыл өкмөтүнүн башчысы*



**ЭРНС уулу Азамат,**
*Бишкек шаарындагы №1 Балдар стоматологиялык поликлиникасынын стоматолог-ортопеди*



**АКМАТОВА**
**Райкан Ороскуловна,**
*КРнын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Клиникалык ооруkana" мамлекеттик мекемесинин врач-терапевти*



**ЗАРЛЫКОВ**
**Максат Таштанбекович,**
*Чүй районунун жеке ветврачы*

# н мыктылары





**ШЫКМАМАТОВ**
**Алмамбет Насырканович,**
*КРнын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы*



**ТОКТОРБАЕВ**
**Женишбек Шермаматович,**
*КРнын Ош шаарынын мэри*



**ТУЛЕКЕЕВ**
**Ильяс Валерьевич,**
*"KAZ Minerals Bozymchak" компаниясынын башкы директору*



**ЭДИЛОВ**
**Талантбек Расабекович,**
*Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими*



**ЭШМАМБЕТОВ**
**Асизбек Эшмамбетович,**
*"Дордой Офтальмик Сервис" көз микрохирургия медициналык борборунун башкы директору*



**СУЛАЙМАНОВ**
**Шайирбек Алибаевич,**
*Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун директору*

“ЖЫРГАЛАҢ” САНАТОРИЯСЫ

**КРнын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Жыргалаң санаторийи” мекемеси –**
*директору Маралбаев Мирбек Ишенбекович*

MASTER CLASS

**MASTER CLASS стоматологиялык клиникасы –**
*директору Давлетов Болотбек Мукаевич*



**ДАДЫБАЕВ**
**Сагынбек Озгонбекович,**
*“Бекем Блок” жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору*



**НАДИРБЕКОВ**
**Айтбай Эргешович,**
*КРнын Финансы министрлигинин Ички аудит кызматынын аудит бөлүмүнүн башкы адиси*



**ЖУСУПБЕКОВ**
**Марс Кыргызбекович,**
*Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын Ички кызматтын отставкадагы полковниги*



**ЖАНЫБЕКОВ**
**Адилет Жаныбекович,**
*Кара-Суу районунун Савай айыл өкмөтүнүн башчысы*



**МУСАБАЕВ**
**Кадырбек Арапбаевич,**
*Алай районунун Тилектеш айыл аймагынын өкмөт башчысы*



**ЭШИЕВ**
**Эльдияр Чынасбекович,**
*Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн башчысы*



**НАЗАРБЕКОВ**
**Мирлан Рысбекович,**
*жеке ишкер*



**БЕКТЕМИРОВ**
**Таалайбек Эрмекович,**
*Сокулук районунун Сары-Өзөн айыл өкмөтүнүн башчысы*



**ӨСКӨМБАЕВ**
**Искендер Эралиевич,**
*Москва районунун Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы*



**ДҮМҮРОВ**
**Самат Турганбаевич,**
*Араван районунун С.Юсупова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы*



**МАМЫРКУЛОВ**
**Эрнис Нурланович,**
*Ысык-Ата райондук шаар курулуш жана архитектура башкармалыгынын жетекчиси-башкы архитектору*



**БЕРИКБАЕВ**
**Бактыбек Султанбекович,**
*Кара-Суу районунун Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИЙГИЛИКТИН СЫРЫ

# “ЖЫЛКЫЧЫ ЧЫМЧЫК”: РУХАНИЙ ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ДЕГРАДАЦИЯ ТУУРАЛУУ ФИЛОСОФИЯЛЫК КИНО

***Биз төмөндө кыргыз кинорежиссёрлорунун ичинен эл аралык “А” класстагы кинофестивалдын баш байгесин эң биринчи болуп утуп алган белгилүү кинорежиссёр Темир Бирназаровдун кесиптеши Бегалы Наргозунун “Жылкычы чымчык” (“Горная трясогузка”) фильми тууралуу пикирин жарыялайбыз.***

Кандай гана чыгарма болбосун, анын баалуулугу — көтөргөн темасы менен аныкталат. Теманын тереңдиги болсо автордун интеллектуалдык деңгээлине жана дүйнөнү андап-түшүнүүсүнө байланыштуу. Айрым чыгармалар формасы жагынан мыкты болгону менен, баналдуу (жөнөкөй) темасы окурманды же көрүүчүнү терең ойлонто албайт.

Кыргыз адабиятында жана киносунда көбүнчө улуттук же айылдык чектен чыга албаган чыгармалар көп. Алар жалпы адамзаттык көйгөйгө кайрылбай, бир элдин ички дүйнөсүн гана сүрөттөп, башка маданият өкүлдөрүнө түшүнүксүз бойдон калууда.

Бул жагынан алып караганда, бүгүнкү кыргыз адабиятында Султан Раевдин чыгармалары өзгөчө көрүнүш. Ал адамзаттын руханий жана моралдык тагдырын чагылдырган философ жазуучу катары айырмаланат.

Ал эми бүгүнкү кыргыз киноискусствосунда адабияттагы Султан Раев сыяктуу масштабдуу ой жүгүрткөн кинорежиссёрлор барбы?

Мына ошондуктан мен Бегалы Наргозунун “Жылкычы чымчык” фильмин өзгөчө кубаныч менен белгилегим келет. Бул чыгарма жөн гана кино эмес, коомдук, руханий жана экологиялык деградацияны терең иликтеген философиялык чыгармалардын бири.

Чынын айтсам, алгач мен деле Бегалы аке кино тартып жатканда скептицизм (ишенбөөчүлүк) менен карагам: “Саясатчы киного эмнеге келди? Саясатчыдан кандай кинорежиссёр чыгар экен?” деген тариздe. Бирок, фильмдин сценарийин жазууга кыргыз киносунун көрүнүктүү инсандары Кубатбек Жусубалиев, Марат Сарулу, Актан Арым Кубат жана Жамбы Жусубалиева катышканын билгенде, бул жөнөкөй чыгарма эмес экенин түшүндүм.



“Жылкычы чымчык” киносун көргөндөн кийин шок болдум. Моюнга алыш керек, азыркы күндө кыргыз киносунда мындай масштабдуу ой жүгүрткөн кинорежиссёр жок. Буга чейин кинодо атактуу кинорежиссёр Төлөмүш Океев гана ушундай масштабда ой жүгүртө алган.

### Фильмдин философиялык жана экологиялык масштабы

“Жылкычы чымчык” фильми үч визуалдык деңгээлде курулган: сырт (мөңгүлөрдүн түбөлүк тазалыгы), айыл (убакыт агымы) жана шаар (индустриалдык мегаполис). Бул структура Алтындын таза дүйнөсүнүн бузулуусун жана акырында руханий башатына кайтып келишин чагылдырат.

Тасмада мөңгүлөрдүн ээриши, шаарды каптаган ыш, пайдалуу кендерди жырткычтык менен казып алуу сыяктуу экологиялык курч көйгөйлөр менен катар, адеп-ахлактык баалуулуктардын кризиси, аборт, балдарды сатуу, вебкам-сойкулук сыяктуу аярлуу социалдык маселелер ачык көрсөтүлөт. Бул проблемалар фильмдин башкы каарманы, Алтын аттуу кыздын тагдырынын фонунда системалык кризис катары чагылдырылат.

Алтындын тагдыры — адамдын табияттан ажырап, таш боор цивилизациянын курмандыгы болуп бара жатканын символдоштурат. Алтындын фильмдин финалында ак кар, көк муз баскан тоого кайтып кетиши — адамдын тазалыкка, тынчтыкка кайтуу инстинктин чагылдырган терең философиялык белги. Ал эми Мөңгү-Атанын табигый тазалыгын жана Алтындын адеп-ахлактык тазалыгын ак түс символдоштурат – фильм таптаза, ак кар баскан бийик тоолор менен башталып, апакай кар баскан тоолор менен аяктайт.

Фильмдеги жылкычы чымчыктын образы — руханий күчтүн, ички актыктын символу.

Көрүүчүлөр арасында “Жылкычы чымчык” фильми өзүнүн маани-маңызы боюнча азыр эле ар кандай талаш-тартыштарды жаратууда. Бирок бул жакшы көрүнүш – искусствонун чыныгы чыгармасы гана көрөрмандар арасында кызуу талкууга түшөт. Анан да “Жылкычы чымчык” фильминин прокаты (кинотеатрларда өткөн жана азыр Этномедиа онлайн-платформасында тынбай көрсөтүлүп жатышы) жакшы жүрүп жаткандыгы да мени кубандырат. Адатта, мындай автордук фильмдерди көрүүчүлөр көп деле көрө беришпейт болчу.

Мындан сырткары, “Жылкычы чымчык” дүйнөлүк кино аянтчаларында жогору бааланып, эл аралык кинофестивалдарда сыйлыктарды жеңип алганы – анын чыныгы глобалдык деңгээлдеги чыгарма экенин айгинелейт.

Фильмдин глобалдык ийгиликтери катары Ниццадагы эл аралык кинофестивалдын башкы сыйлыгы – “Фестивалдын мыкты фильми” наамы, Франциянын Локранон шаарындагы Бретань эл аралык кинофестивалынын башкы байгеси – “Бардык категориялар боюнча эң мыкты фильм Hermine (Ак кунас) сыйлыгы, Италиянын Салерно шаарындагы 78-Эл аралык кинофестивалдын “Мыкты толук метраждуу көркөм фильм” сыйлыгы, ошондой эле Грециядагы Кимолос эл аралык кинофестивалынын “Алтын дарак” баш байгесине татыганын, бул жеңиштердин артынан режиссёр Бегалы Наргозу кийинки фестивалдын Жюри төрагасы болуп бекитилгенин жана башкаларды айтууга болот.

“Жылкычы чымчыктын”



Азияда жана дегеле географиялык масштабы боюнча Гонконгдо өткөн Азия фильмдеринин эл аралык кинофестивалындагы жюринин “Ардактуу сыйлыгы” менен бааланышын. Камбоджа, Марокко жана Аргентинанын Патагониясында көрсөтүлүп, ал эми Португалиянын Азор аралдарында өткөн фестивалда кыргыз тили биринчи жолу чоң экранда жаңырып, тарыхый окуя болгонун белгилөөгө болот.

“Жылкычы чымчык” фильми жараткан илимий резонанс катары фильм көтөргөн экологиялык жана маданий көйгөйлөр АКШнын “The Revelator” илимий журналында чоң макала менен жарыяланып, эл аралык деңгээлдеги талкуу жаратканын айта алабыз.

“Жылкычы чымчык” — көрүүчүнү “Биз кайсы чекке келдик? Эми кайда баратабыз?” деген суроого жетелеген ой жарагма чыгарма.

Албетте, “Жылкычы чымчык” толук метраждуу көркөм фильми кинорежиссёр Бегалы Наргозунун дебюттук (алгачкы) фильми болгондуктан, айрым кемчиликтери да бардыр. Мисалы, мен фильмди башкача монтаждамакмын, бирок тема тандоодо, аны көркөм чагылдырууда, тасмага тартууда же фильмди монтаждоодо ар бир режиссёрдун өзүнчө стили бар экенин эске алсак, даяр фильмге эми көрүүчүлөр өздөрү баа беришсин.

“Жылкычы чымчык” фильми кыргыздын табият менен камыр-жумур жашаган нукура жашоосун жана азыркы материалдык дүйнөгө кул болгон цивилизацияны салыштырат.

Бүгүн кыргыз киносунда мындай философиялык деңгээлдеги фильмдер аз. Көпчүлүк режиссёрлор жеңил-желпи сюжетке, көбүнчө бир эркек менен аялдын ортосундагы бактысыз сүйүү сыяктуу сюжеттерге көрүүчүнүн көңүлүн убактылуу буруута аракеттенишет. Бирок чыныгы чыгарма — адамдын жан дүйнөсүн козгоп, коомго суроо сала билген чыгарма.

Бегалы Наргозу — дал ошондой режиссёр. Анын “Жылкычы чымчыгы” — бүгүнкү доордун руханий күзгүсү, улуттук катастрофа тууралуу көркөм эскертүү жана кайра жаралууга болгон жарык үмүт катары кызмат кылган, адамдын жана жаратылыштын ортосундагы гармонияны сактоого чакырган глобалдык деңгээлдеги чыгарма.

Бул кино ар бирибизге тынчтык, тазалык жана адамдык сапат — жаратылыш менен гармонияда гана мүмкүн экенин эскертип турат.

**Темир БИРНАЗАРОВ,**
**кинорежиссёр**









**Президенту Кыргызской Республики
Жапарову С. Н.
Председателю Кабинета Министров Кыргызской
Республики Касымалиеву А. А.
Заместителю председателя Кабинета Министров КР -
Председателю Государственного Комитета
Национальной безопасности КР Ташиеву К. К.
Депутату Жогорку Кенеша Кыргызской Республики Атажанову Ы. Ы.
Директору Департамента по делам банкротства при
Министерстве экономики и коммерции
Кыргызской Республики Бекдаирову У. А.
Главе Государственной администрации
Кадамжайского района Акиму
Баяке у. Б.**

# ОБРАЩЕНИЕ
## ОТ КОЛЛЕКТИВА И ВЕТЕРАНОВ ОАО «КАДАМЖАЙСКИЙ СУРЬМЯНЫЙ КОМБИНАТ»-БАНКРОТ

**Уважаемый Садыр Нургожоевич, Уважаемый Адылбек Алешович, Уважаемый Камчыбек Кыдыршаевич, Уважаемый Ырысбек Ысламович, Уважаемый Урмат Акимканович, Уважаемый Баяке уулу Болоткан**

Коллектив ОАО «Кадамжайский сурьмяный комбинат» выражает полную поддержку политическому, социальному и экономическому курсу, проводимому Президентом и Правительством Кыргызской Республики.

Наш комбинат является старейшим предприятием горно-металлургической отрасли страны, успешно функционирующим уже 89 лет. За это время предприятие внесло значительный вклад в развитие отрасли, выпускавший высококачественную сурьмяную продукцию, признанную на мировом рынке.

Деятельность комбината, как и любого крупного предприятия, сопровождалась как успехами, так и трудностями. В тяжелые периоды коллектив комбината сохранял сплоченность и направлял все усилия на сохранение и развитие предприятия.

После завершения деятельности Казахстанского инвестора в ОАО «КСК», что привело к банкротству предприятия (решение межрайонного суда Баткенской области от 25.02.2020, окончательное решение Верховного суда Кыргызской Республики от 16.06.2020), коллектив столкнулся с крайне сложной ситуацией: возникли задолженности по заработной плате, регресс пенсионерам, простаивали основные производственные мощности, находились в запущенном состоянии действующее энергохозяйство и карты соленакопителей.

В тот критический период, когда комбинат оказался на грани полного развала и требовал немедленного и профессионального вмешательства со стороны назначенного органами управления специального администратора, приказом Департамента по делам банкротства при Министерстве экономики Кыргызской Республики с 12 ноября 2020 года был назначен Османов Шерали Балтыбаевич.

В результате действий грамотного руководителя процесс банкротства был переведен с метода ликвидации на метод реструктуризации (утверждено общим собранием кредиторов 11.12.2020).

Из-за отсутствия собственных финансовых возможностей было необходимо привлекать сторонние ресурсы. Что в результате, позволило частично возобновить производство и получать средства для выплаты задолженности по зарплате и другим обязательствам перед коллективом.

Начались выплаты по задолженности заработной платы и регрессу пенсионерам, накопившиеся до прихода Османова Ш. Б., благодаря его настойчивости.

Как спецадминистратор, он имел право для покрытия текущих расходов реализовывать часть имущества комбината. Но он этого не делал, потому что деньги поступали от частичной производственной деятельности. Благодаря этому он максимально сохранил завод, оборудование и ресурсы для будущей работы, проявив редкое чувство ответственности и преданности комбинату.

Усилиями спецадминистратора и коллектива ОАО «КСК» было возвращено отчужденное имущество комбината – здание администрации и парк Управления. Мы глубоко ценим его усилия и считаем, что именно его руководство сыграло ключевую роль в восстановлении собственности комбината.

Под его руководством и при активном участии всего коллектива предпринимались решительные и необходимые меры для поддержки деятельности комбината в условиях банкротства. Как руководитель, он буквально жил этой работой, не щадя себя, ежедневно сталкиваясь с трудностями и находя решения там, где казалось невозможным.


Совместными усилиями наш завод, который после объявления банкротства казался безнадежным, получил вторую жизнь. Благодаря профессионализму специального администратора и активной работе коллектива мы восстановили производство, наладили оборудование и привели все процессы в актуальное состояние. Сегодня завод полностью готов к запуску и способен выполнять свои задачи.

Все действия Османова Ш. Б. были направлены на защиту интересов государства, комбината и коллектива людей, которые здесь трудятся. Он показал себя не только как опытный специалист и организатор, но и как человек, который по-настоящему заботился о каждом из нас, заслужив уважение и доверие всего коллектива.

Мы уверены, что только благодаря совместными усилиями коллектива и профессионализма Османова Ш. Б. удалось достичь нынешних результатов. Его снятие с должности на финальном этапе может поставить под угрозу все, чего мы добились, поэтому мы настоятельно просим сохранить его на посту до завершения всех процессов.

Мы готовы преодолеть любые трудности и продолжать работать с полной самоотдачей, если он останется на своем месте. Просим не снимать его с должности и дать возможность завершить начатое вместе, сохранив достигнутые результаты и стабильность работы комбината.

**С уважением коллектив и ветераны
ОАО «КСК»-банкрот**




## ЖАҢЫЛЫКТАР



### БАШТАПКЫ ТӨЛӨМҮ ЖОК ҮЙ САТЫП АЛЫШТЫ

Бир айда 26 үй-бүлө "Келечек" продуктунун жардамы менен өз турак жайына ээ болду. Бул тууралуу Кепилдик фондунан билдиришти.

Маалыматка ылайык, бул продукт алгачкы төлөмгө каражат жетишпеген жарандар үчүн натыйжалуу колдоо куралы катары калк арасында барган сайын популярдуулукка ээ болууда.

17-декабрга карата "Келечек" ипотекалык продукту ишке киргизилгенден бери жалпы суммасы 94,2 млн сомдон ашкан 78 кепилдик берилди. Бул жарандарга 379,1 млн сомдон ашык суммага ипотекалык кредит алууга мүмкүнчүлүк жаратты. "Келечек" ипотекалык кепилдигин алты өнөктөш банк аркылуу алууга болот: "Айыл Банк", "Элдик Банк", "МБанк", "ДосКредобанк" ААКтар, "Коммерциялык банк КСБ" жана "Демир Кыргыз Интернэшнл Банк" ЖАК.

"Келечек" продуктусунун негизги шарттары: үзгүлтүксүз эмгек стажы же ишкердик ишмердүүлүк — кеминде 12 ай; ипотекалык каржылоо суммасы — 10 млн сомго чейин; кепилдик камсыздоонун өлчөмү — сатып алынуучу турак жайдын наркынын 30%на чейин; комиссия — кепилдик суммасынын 2%ы.



### КЫРГЫЗ-АФГАН БИЗНЕС ФОРУМУ

Афганистандын борбору Кабул шаарында кыргыз-афган бизнес-форуму өттү. Бул тууралуу Экономика жана коммерция министрлигинен билдиришти.

Маалыматка ылайык, бизнес форум Кыргызстандын "Кыргыз Экспорт" борбору жана Афганистандын Соода-инвестициялык палатасы тарабынан уюштурулду. Форумдун жүрүшүндө Афганистандын бизнес коомчулугуна Кыргызстандын экспорттук мүмкүнчүлүктөрү тааныштырылды.

Иш-чаранын жыйынтыгында товарларды жеткирүү жана кызмат көрсөтүү боюнча жалпы суммасы 157 млн долларды түзгөн 11 келишимге кол коюлду. Бул келишимдер телекоммуникациялык жабдуулар, цемент, бут кийим, дары-дармектер, бал, логистикалык кызматтар жана айыл чарба продукциясы сыяктуу багыттарды камтыйт. Бизнес-форумга эки өлкөнүн мамлекеттик органдарынын жана бизнес чөйрөлөрүнүн 100дөн ашуун өкүлү катышты.



### КООМДУК УГУУЛАР ӨТӨТ

2050-жылга чейинки Бишкек шаарынын башкы планынын долбоору боюнча коомдук угуулар өтөт. Бул тууралуу мэриядан билдиришти.

Ага ылайык иш-чаралар 24-25-декабрда райондордо уюштурулат. 24-декабрь күнү Ленин району – Чүй проспектиси, 168 а, саат 10:00; Биринчи май району - Чүй проспектиси, 168 а, саат 14:00; 25-декабрь күнү Октябрь району – акимчиликтин жыйындар залы, саат 10:00; Свердлов району – Үсөнбаев көчөсү, 200/1, саат 14:00дө болот.

Коомдук угууга катышуу үчүн 23-декабрда саат 18:00гө чейин төмөнкү номерлерге алдын ала каттоо зарыл: Ленин району: 0503 10 22 06, 0312 65 69 03; Биринчи май району: 0559 71 99 99; Октябрь району: 0999 66 68 45, 0509 68 88 70, 0312 57 61 57; Свердлов району: 0550 15 06 61, 0312 36 03 10.

**"Эркин-Тоо" пресс**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИСИР АРАБ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭЛЧИЛИГИН УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Мисир Араб Республикасы менен саясий, соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий байланыштарын андан ары өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында, "Мамлекеттик органдардын Кыргыз Республикасынын тышкы саясат чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүсү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 10-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык **токтом кылам:**

**1.** Каир шаарында жайгаштыруу менен Кыргыз Республикасынын Мисир Араб Республикасындагы Элчилиги уюштурулсун.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин штаттык санынын чегин 5 бирдикке көбөйтсүн;

2) Кыргыз Республикасынын Мисир Араб Республикасындагы Элчилигинин ишин уюштуруу жана финансылык жактан камсыз кылуу маселелерин чечсин;

3) өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

**3.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыялanууга тийиш жана 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-декабры, №363***

## ЖЕР МУНАПЫСЫНЫН ОБЪЕКТИЛЕРИНЕ ЖАРАНДАРДЫН МЕНЧИК УКУКТАРЫН МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН БЕКИТҮҮ БОЮНЧА ИШТЕРДИ АЯКТОО БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Жер ресурстарын башкаруу жана жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү, жер мунапысынын объектилерине жарандардын менчик укуктарын мамлекет тарабынан бекитүү боюнча иштерди аяктоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** "Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынан келип чыгуучу жер-укуктук мамилелерди убактылуу укуктук жөнгө салуу бир жылдык мөөнөткө киргизилсин.

**2.** 2026-жылдын 1-мартына чейин "Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 3-пунктунун "б", "в" жана "г" пункттчаларында каралган жер мунапысынын объектилерине карата жер мунапысын жүргүзүү боюнча шаарлардын мэрияларынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жер мунапысы боюнча комиссияларынын иши токтотулуп турсун.

**3.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) жер мунапысынын объектилери болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №291 "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого (мындан ары – Жобо) ылайык 2025-жылдын 1-июлуна чейин кошо алганда берилген жарандардын арыздары боюнча аларда жайгашкан, анын ичинде бүтпөй калган жеке турак үйлөрү менен 2021-жылдын 1-декабрына чейин түзүлгөн башаламан курулуштар бар участоктордун тобунун курамына кирген жер участоктору саналат деп;

2) 2021-жылдын 1-декабрына чейин түзүлгөн башаламан курулуштар бар участоктордун тобунун курамына кирген, кандайдыр бир курулмалары жок (бош жана курулбаган) жер участокторун легалдаштыруу маселелери Кыргыз Республикасынын Президентинин өзүнчө чечими менен түзүлүүчү мамлекеттик комиссиянын корутундусунун негизинде каралат деп.

**4.** Жер мунапысынын объектилерине 2021-жылдын 1-декабрынан кийин өзүм билемдик менен курулган же бүтпөй калган жеке турак үйлөрү бар жана ушул Жарлыктын 3-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн участоктордун тобунун курамына кирбеген жер участоктору кирбейт деп белгиленсин.

**5.** Мамлекеттик комиссия кызыкдар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен биргеликте ушул Жарлыктын 2-пунктунда, 3-пунктунун 2-пунктчасында жана 4-пунктунда көрсөтүлгөн жер участокторун кийин ордуна айып чарба багытындагы жер участокторун же болбосо "Мамлекеттик ипотекалык компания" ачык акционердик коомунун фондунан турак жайды үлүштүк кызматташтыктын шарттарында берүү менен мамлекеттин менчигине алып коюу жөнүндө маселени карасын жана чечсин.

**6.** Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары белгиленген тартипте 2026-жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө кылмыш-жаза, жарандык, административдик сот өндүрүшүндө талаш-тартыштын предмети болуп саналган, ошондой эле аткаруу өндүрүшүнүн алкагындагы жер участокторуна карата арыздарды кошпогондо, жер мунапысы боюнча комиссиялар тарабынан Жободо белгиленген мөөнөттө келип түшкөн жарандардын арыздарын карoo боюнча иштерди аяктоону камсыз кылсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгиленген тартипте:

– өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

– ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**8.** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы ушул Жарлыкта каралган чараларды ишке ашырууда жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылышын талаптагыдай көзөмөлдөөнү камсыз кылсын.

**9.** Бул Жарлыктын 1–6-пункттарын белгиленген тартипте аткаруу үчүн жоопкерчилик ишинин чөйрөсүнө жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу маселеси кирген тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына, шаарлардын мэрлерине жүктөлсүн.

**10.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**11.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-декабры, №364***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЙРЫМ ЖАРЛЫКТАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын ишин өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 30-декабрындагы №308 "Мамлекеттик жарандык кызматчыларга, муниципалдык кызматчыларга жана башка адамдарга класстык чендерди ыйгаруу маселелери жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартибинде:

– 30-пункттун 1-пунктчасында "жогорку" деген сөз алып салынсын;

– жогоруда аталган Тартиптин тиркемесинде "жогорку" деген сөз алып салынсын;

2) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Саясий мамлекеттик кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартибинде:

– 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Ушул Тартиптин 18-пунктунун 3-пунктчасында көрсөтүлгөн кызмат орундарын ээлеген адамдарга мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы кеңешчиси, ошондой эле муниципалдык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы кеңешчиси класстык ченин ыйгаруу үчүн мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөнкүдөй документтер киргизилет:

1) сунуштама;

2) ушул Тартиптин 2-тиркемесине ылайык класстык ченди ыйгаруу үчүн талапкер жөнүндө маалымкат;

3) паспорттун көчүрмөсү;

4) эмгек китепчесинин нотариалдык же иштеген жери боюнча персоналды башкаруу кызматтары тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кошумча документтерди жана материалдарды суратууга жана алууга укуктуу.";

– жогоруда көрсөтүлгөн Тартиптин 1-тиркемесинде:

3-пункттун үчүнчү абзацында "Тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгын ишке ашыруу боюнча" деген сөздөр "тоо күн тартиби боюнча" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– жогоруда көрсөтүлгөн Тартиптин 2-тиркемесинде: "жогорку" деген сөз алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде:

I бөлүмдүн 1-главасында:

– алтынчы абзацта "Тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгын ишке ашыруу боюнча" деген сөздөр "тоо күн тартиби боюнча" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– он үчүнчү, он төртүнчү абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн башчысынын орун басары (башкармалыктын курамында, башкармалыктагы борбордун курамында), Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн башчысынын орун басары – сектордун башчысы (башкармалыктын курамында, башкармалыктагы борбордун курамында), Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Жогорку Кеңештеги туруктуу өкүлүнүн орун басары, Президенттин Администрациясынын өз алдынча секторунун башчысы, Жогорку Кеңештин Аппаратынын бөлүмүнүн башчысынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин катчылыгынын жетекчисинин орун басары Президентке караштуу комиссиянын жооптуу катчысы – сектордун башчысы, Президенттин Администрациясынын секторунун башчысы (башкармалыктын, бөлүмдүн, катчылыктын курамында), Президенттин Администрациясынын башкы эксперти, Президенттин Администрациясынын мамлекеттик инспектору, Жогорку Кеңештин Аппаратынын секторунун башчысы".

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 15-сентябрындагы №237 "2023–2027-жылдар мезгилин Тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгы деп жарыялоо жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 4-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган Жарлыктын 1-тиркемеси ушул Жарлыктын 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 8-декабрындагы №336 "Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын ишинин айрым маселелери жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмү ушул Жарлыктын 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

2) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын штаттык саны ушул Жарлыктын 3-тиркемесине ылайык өзгөртүлүп киргизилсин.

**5.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 21-декабрындагы №353 "Кыргыз Республикасынын Президентинин Тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгын ишке ашыруу боюнча атайын өкүлү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышында, преамбулада жана 1-пунктта "Тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгын ишке ашыруу боюнча" деген сөздөр "тоо күн тартиби боюнча" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин Тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгын ишке ашыруу боюнча атайын өкүлү жөнүндө жободо:

– аталышында жана 1-пунктта "Тоолуу региондорду өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгын ишке ашыруу боюнча" деген сөздөр "тоо күн тартиби боюнча" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 5-июнундагы №177 "Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча атайын өкүлүнүн ишинин айрым маселелери жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пункттун 1-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси эки айлык мөөнөттө ушул Жарлыктан келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**8.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы бир айлык мөөнөттө ушул Жарлыкты ишке ашырууга байланышкан уюштуруу-техникалык маселелерди чечсин.

**9.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-декабры, №365***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН САЛЫК САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Республикалык бюджетке акциз салыгынын түшүүсүн көбөйтүү, Кыргыз Республикасынын аймагына товарларды ташып киргизүүдө (импорттоодо) тиешелүү контролдоону камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасынан өткөнгө чейин салык органынын депозиттик эсебине акча каражаттарын салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №84 "Иштин түрлөрү боюнча патенттин негизинде салыктын базалык суммасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 4-тиркемесинде:

– 1-пунктта "Базарларда жана чакан базарларда товарларды сатуу" деген сөздөр "Базарларда, чакан базарларда жана базарлардын, чакан базарлардын аймагында же аймагына жакын жайгашкан соода объекттеринде товарларды сатуу" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 2-пункттун "а", "б", "в" пунктчаларында "10 кв. м чейин," "20 кв. м чейин,", "30 кв. м чейин," деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-февралындагы №94 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 336 жана 345-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-пунктта:

– жетинчи, сегизинчи абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– 2027-жылдын 1-январынан тартып ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууччу улуттук суусундуктар (бозо, максым жана жарма) КМС 891:2003 "Бозо" суусундугу" Техникалык шарттарына" жана КМС 980:2021 "Максым" жана "Жарма" улуттук суусундуктары" Техникалык шарттарына" ылайык;

– 2027-жылдын 1-майынан тартып ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууччу өздүк өндүрүшүндөгү сууларды, анын ичинде кант кошулмаларын же башка таттуу кылуучу, даам- жыпар жыт берүүчү заттарды камтыган минералдык жана газдалган сууларды чекене сатууну жүзөгө ашыруучу коомдук тамактануу субъекттери катары катталган салык төлөөчүлөр. ";

– төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Ушул пунктта көрсөтүлгөн маркаланбаган акциздик товарлардын калдыктарын жүгүртүүгө маркалоо киргизилген датадан тартып 6 ай өткөндөн кийин тыюу салынат, буга жүгүртүүгө тыюу салуу мөөнөтү 2026-жылдын 1-майынан тартып белгиленген ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууччу Бажы бирлигинин "Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентине (ТР ТС 021/2011) ылайык (мамлекеттик каттоо жөнүндө тиешелүү күбөлүгү болсо) балдар тамак-ашы кирбейт.";

2) 4-пункттун үчүнчү абзацында "2026-жылдын 1-январынан" деген сөздөр "2028-жылдын 1-январынан" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттерден маркаланууччу алкоголдук продукцияны ташып киргизүүдө депозиттик төлөмдү колдонуу жана башкаруу тартибинде:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 7-пунктча менен толукталсын:

"7) банк кепилдиги – бул акциздик жыйымдын маркаларын талаптагыдай эмес пайдалангандыгы үчүн салык төлөөчүнүн банк кепилдигинде көрсөтүлгөн депозиттик төлөмдүн өлчөмүндө импорттоочунун милдеттенмесинин суммасын салык кызматынын органына төлөөгө кепилдик берген Кыргыз Республикасынын коммерциялык банкынын жазуу жүзүндөгү милдеттенмеси.";

– 5-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуу үчүн ыйгарым укуктуу салык органынын депозиттик эсебине акчанын салынгандыгын ырастоочу төлөм документи же акциздик маркаларды алууга арыз берилген датадан тартып 6 айдан кем эмес жарактуулук мөөнөтү менен депозиттик төлөмдүн өлчөмүндө ыйгарым укуктуу салык органынын атына берилген банк кепилдиги.";

– 6-пункт "акча каражаттарын салуу" деген сөздөрдөн кийин "же банк кепилдигин берүү" деген сөздөр менен толукталсын;

– 7-пункт "акчаларды салуу" деген сөздөрдөн кийин "же банк кепилдигин берүү" деген сөздөр менен толукталсын;

– 13-пунктта:

1-пунктча "депозиттик эсебине салынган" деген сөздөрдөн кийин "же берилген банк кепилдигин" деген сөздөр менен толукталсын;

2-пунктча "өз убагында чегерүү" деген сөздөрдөн кийин "же банк кепилдигинин аткарылышын талап кылуу" деген сөздөр менен толукталсын;

– 14-пункт "кабыл алынган милдеттенменин" деген сөздөрдөн кийин "же берилген банк кепилдигинин" деген сөздөр менен толукталсын;

– 16-пункт "акча каражаттарынын салынышы" деген сөздөрдөн кийин "же банк кепилдигинин берилиши" деген сөздөр менен толукталсын;

4) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 3-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги №220 "Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды эсепке алуу жана контролдоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 3-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 3-пунктча менен толукталсын:

"3) мунайдын жана мунай продуктуларынын калдыктары, жөнөтүлгөн көлөмдөрү, ошондой эле отун таратуучу колонканын эсептөө механизмдеринин көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматтарды берүү тартиби ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан бекитилген учурдан тартып 6 айдын ичинде ыйгарым укуктуу салык органынын маалымат системасына ай сайын маалыматтарды берүүнү камсыз кылууга милдеттүү.".

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги №221 "Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алууну камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алууну камсыз кылуу тартибинде:

– 13-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"13. Салык органы "ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден товарларды импорттоо максаты үчүн" деген белгиси менен салыктык каттоосу бар экендиги жөнүндө маалымкатты алгачкы берүүдө 3 (үч) жумуш күндүн ичинде салык төлөөчүнүн ишкердик иш жүргүзгөн жерин жана ишкердик үчүн багытталган товарларды сактоочу жерди текшерет.

"ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден товарларды импорттоо максаты үчүн" деген белгиси менен салыктык каттоосу бар экендиги жөнүндө маалымкатты кийинки берүүдө арыз салык органы тарабынан бир жумуш күндүн ичинде каралат.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $13^1$, $13^2$-пункттар менен толукталсын:

"$13^1$. Салыктык каттоосу бар экендиги жөнүндө маалымкатты берүүдөн баш тартуу үчүн төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

– субъект тарабынан өткөн отчеттук мезгилдер үчүн салык отчетторунун берилбегендиги;

– кыйыр салыктар боюнча таанылган салык карызы;

– салык төлөөчү тарабынан 0% жана 0,5% ставкалар боюнча бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча ишкердик иш жүргүзүү, ошондой эле өзгөчө режимдеги соода зонасындагы ишке салык боюнча катталган салык төлөөчүлөр;

– ишкердик иш жүргүзгөн жер берилген документтерде көрсөтүлгөн маалыматтарга шайкеш эместиги же субъектте импорттоого пландалган товарларды жайгаштыруу үчүн тиешелүү кыймылсыз мүлк объекттерине менчик укугунда жана/же убактылуу пайдалануу укугунда объекттердин жоктугу;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен аныкталган тобокелдиктер болгон учурда "Электрондук эсеп-фактура" маалыматтык системасында электрондук документ жүгүртүүнүн катышуучусу катары эсептик жазуунун колдонулушу токтотуп турулгандыгы;

– тигүү жана текстиль тармагын кошпогондо, патенттин негизинде ишкердик иш жүргүзүү.

Бузуулар аныкталган же тобокелдик факторлору болгон учурда импорттоочуга же анын ыйгарым укуктуу адамына аларды жоюу тууралуу талап коюлат.

Көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаган учурда салык органы маалымкат берүүдөн баш тартат же колдонуудагы маалымкатты ыйгарым укуктуу салык органы аныктаган тартипте кайра чакыртып алат (жокко чыгарат) жана ыйгарым укуктуу салык органы аныктаган тартипте бузуулар жоюлган учурга чейин автоматташтырылган системага кирүү мүмкүнчүлүгүн жабат.

$13^2$. ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аймагынан Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы аркылуу товарларды жана/же транспорт каражаттарын мыйзамдардын талаптарын бузуу менен ташып өтүүнүн үч фактысы аныкталган учурда, аларга карата календардык жылдын ичинде айып салуу жөнүндө токтомдор чыгарылган болсо, салык органы колдонуудагы маалымкатты кайра алат (жокко чыгарат) жана ыйгарым укуктуу салык органы аныктаган тартипте бир жылдык мөөнөткө автоматташтырылган системага кирүү мүмкүнчүлүгүн жабат.";

– 47-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алуу пункттары аркылуу жеке пайдалануу үчүн жеке жактар тарабынан өткөрүлүүчү, аларга карата товардык коштоочу документтерди (эл аралык транспорттук коштомо кагаз – CMR же коштомо кагаз, эсеп-фактура) милдеттүү тариздөө талап кылынбаган товарлардын тизмеги жана товарларды ташып киргизүү боюнча сунушталган минималдык ченемдер менен белгиленген ченемдерден ашып кетүү менен жеке пайдалануу үчүн товарларды ташып киргизүү фактылары аныкталган учурда мобилдик топ кыйыр салыктарды төлөөнү камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү үчүн материалдарды жеке жактын катталган жери боюнча аймактык салык органына жөнөтөт.";

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттерден товарларды импорттоодо салык органынын депозиттик эсебине акча каражаттарын салуу, аларды пайдалануу жана кайтаруу тартибинде:

– 4-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– товарларды импорттоого КНСти шарттуу эсептөө режимин колдонгон салык төлөөчү тарабынан.".

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 29-августундагы №539 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 268 жана 297-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пунктта "2025-жылдын 31-сентябрына" деген сөздөр "2026-жылдын 1-июлуна" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-декабры, №811***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН ЖАНА РЕСПУБЛИКАЛЫК МААНИДЕГИ ШААРЛАРДЫН МЭРИЯЛАРЫНЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана республикалык маанидеги шаарлардын мэрияларынын ишин уюштуруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №253 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жободо:

- 17-пунктта:

12-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12) төмөнкүлөрдү кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот:

- борбордук аппараттын кызматкерлерин;

- региондор аралык башкармалыктардын жетекчилерин жана кызматкерлерин;

- аймактык бөлүмдөрдүн жетекчилеринин орун басарларын жана кызматкерлерин;

- ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчилеринин орун басарларын;";

төмөнкүдөй мазмундагы $12^1$-пунктча менен толукталсын:

"$12^1$) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сыйлоо жана тартиптик жаза чараларын колдонот;";

13-пунктчадагы "жана фонд" деген сөздөр алып салынсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | 983 | 229 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 295 | 50 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 490 | 142 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 198 | 37 |
| 2026-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | 993 | 229 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 295 | 50 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 490 | 142 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 208 | 37 |

".

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 6-тиркемеси ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 16-июлундагы №419 "Республикалык маанидеги шаарлардын мэрияларынын типтүү түзүмүн, штаттык санынын чегин, штаттык расписаниесинин формасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун 3-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**5.** Республикалык маанидеги шаарлардын мэрияларына финансылык башкармалыктарды түзүү сунушталсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте:

1) республикалык маанидеги шаарлардын мэриялары менен биргеликте:

- финансылык, материалдык-техникалык каражаттарды андан ары пайдаланууга, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык бөлүмдөрүн кайра уюштуруу жана жоюу боюнча иштерди жүргүзүүгө байланышкан маселелерди чечүү үчүн комиссияларды түзсүн;

- штаттык бирдиктерди өткөрүп берүүдө ушул токтом күчүнө кирген датага карата тиешелүү кызмат орундарын ээлеген кызматкерлер мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын тиешелүү түрлөрүндө иштөө өзгөчөлүктөрүн сактоону эске алуу менен, өткөрүп берилген функцияларды аткаруу үчүн которулууга тийиш экендигин эске алсын;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бошотулган кызматкерлерди ишке орноштуруу боюнча чараларды көрсүн;

- ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн;

2) "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун кароодо ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөр жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине маалымат берсин.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-декабры, №812***

## “ДОСТУК” МЕЙМАНКАНАСЫ” ААК

маанилүү фактыны ачыкка чыгаруу жөнүндө жарыялайт:

2025-жылдын 8-декабрында өткөн акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунда кабыл алынган чечимине ылайык, ”Достук” Мейманканасы” ААК жана “ФРЗ-Холдинг” ЖЧКсы 2025-жылдын 11-декабрындагы “Достук” туристтик комплексинин жана №2 келишимине №1 кошумча келишимди жана “Достук” Мейманканасы” менен “ФРЗ-Холдинг” ЖЧКсынын ортосундагы 2024-жылдын 18-октябрындагы инвестициялык келишимине №3 кошумча келишимди түзүштү.

Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына ылайык “Достук” туристтик-комплексинин №2 келишимине №1 кошумча келишим түзүлүп, нотариалдык жактан күбөлөндүрүп, кыймылсыз мүлк укуктарынын бирдиктүү мамлекеттик реестринде катталды.

**“Достук” Мейманканасы” ААКнын башкы директору,**
**Башкармалыктын төрагасы: С.А.АКМАТОВ**

С-О-282

## ОАО «ГОСТИНИЦА «ДОСТУК»

**сообщает о раскрытии информации о существенном факте:**

Согласно принятому решению на внеочередном Общем собрании акционеров, которое состоялось 8 декабря 2025 года, ОАО «Гостиница «Достук» и ОсОО «ФРЗ-Холдинг» 11 декабря 2025 года заключили Дополнительное соглашение №1 к Договору №2 гостинично-туристического комплекса «Достук» и Дополнительное соглашение №3 к Инвестиционному соглашению между ОАО «Гостиница «Достук» и ОсОО «ФРЗ-Холдинг» от 18 октября 2024 года.

В соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики Дополнительное соглашение №1 к Договору №2 гостинично-туристического комплекса «Достук» было нотариально оформлено и зарегистрировано в Едином государственном реестре прав на недвижимое имущество.

**Председатель Правления, генеральный директор**
**ОАО «Гостиница «Достук» С.А. АКМАТОВ**

## ЖАК «МФК ОКСУС»

**Пайыздык облигациялар боюнча он- экинчи пайыздык мезгил үчүн кирешелерди төлөө жөнүндө жарыялайт.**

Кирешелерди төлөө 18.12.2025 - 25.12.2025ж. чейин жүргүзүлөт. Облигациянын номиналдык наркы – 1 000 сом. Бир облигациянын кирешелүүлүгү -18 %. Айланым мөөнөтү – 3 жыл. Төлөм формасы – нактай акча. Пайыздар, облигация ээсинин банктык эсебине акча каражатын которуу жолу менен же Эмитенттин кассалары жайгашкан кеңселерде накталай түрдө төлөнөт.

С-О-1284

## ЗАО «МФК ОКСУС»

**Объявляет о выплате доходов за двенадцатый процентный период по именным процентным облигациям.**

Выплата доходов будет осуществляться с 18.12.2025 по 25.12.2025. Номинальная стоимость облигации – 1 000 сом. Размер дохода на одну облигацию – 18%. Срок обращения – 3 года. Форма выплаты-денежные средства. Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций или наличными в офисе Эмитента, где есть кассы.

**18 декабря 2025 г. в 10.00 часов в с. Сузак, Сузакского р-на, Жалал-Абадской области, состоялось внеочередное общее собрание ОАО "Сузакфарм", кворум составил 94,26%.**

**Внеочередное общее собрание ОАО "Сузакфарм" решил:**

1. Утвердить состав комиссии: Абдуллаев Х., Исраилов А., Нуралиева Д.
2. Преобразовать ОАО "Сузакфарм" в закрытое общество.
3. Увеличить уставной капитал до 121,677 сом
4. Утвердить устав закрытого общества.
5. Выбрать директором Усенова А.
6. Выбрать ревизором Абдуразакова С.
7. Утвердить передаточный акт.
8. Зарегистртировать общество в областной юстиций.

Н-920

## «КАЙЫҢДЫ-КАНТ» ААК

**2025-жылдын 17-декабрында саат 11:00дө Панфилов району, Кайыңды шаары, Мир көчөсү №1,** Заводдун администрациясынын имараты дарегинде «Кайыңды-Кант» ААК акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушу болуп өткөндүгүн билдирет.

Жалпы чогулуштун формасы: жеке добуш берүү.
Добуш берүүчү акциялардын жалпы саны - 2 339 880 даана.
2 270 952 акция добуш берүү менен акционерлер катталды. Кворум - 97,05%.

**Кабыл алынган чечимдер:**

**1.** Төмөндөгү курамда эсептөө комиссиясы бекитилсин: Н.А. Марченко - «Фирма Депо-Регистр» ЖЧКсынын директору; Т.Э. Назаренко жана Е.В. Грамадчукова – коомдун кызматкерлери. (“Макул” - 100%).
**2.** Коомдун Директорлор кеңешинин төрагасына төлөнүүчү сый акынын жана компенсациянын өлчөмүн бекитүү. (“Макул” - 100%).
**3.** Коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү. (Добуш берүүчү акциялардын жалпы санынын 97,05%ы “Макул”).
**4.** Коомдун ички документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүү. (“Макул” – 100%).

## ОАО «КАИНДЫ-КАНТ»

уведомляет о том, что **17 декабря 2025 года в 11.00 часов** состоялось внеочередное общее собрание акционеров ОАО «Каинды-Кант» по адресу: **Панфиловский район, г.Каинда, ул.Мира №1,** здание заводоуправления.

Форма проведения общего собрания: очное голосование.
Общее количество голосующих акций- 2 339 880 экз.
Зарегистрировались акционеры, с количеством голосов – 2 270 952 акций, кворум - 97,05%.

**Принятые решения:**

**1.** Утвердить счетную комиссию в составе: Марченко Н.А., - директор ОсОО «Фирма Депо-Регистр, ЛТД», Назаренко Т.Е., Грамадчукова Е.В.- работники общества. (ЗА - 100 %).
**2.** Утвердить размер выплачиваемого вознаграждения и компенсации председателю Совета директоров Общества. (ЗА - 100 %).
**3.** Внести изменения в Устав Общества. (ЗА – 97,05% от общего числа голосующих акций).
**4.** Внести изменения во внутренние документы Общества. (ЗА – 100 %).

## «КЫРГЫЗ ИНВЕСТИЦИЯЛЫК-КРЕДИТ БАНКЫ» ЖАК

жеке жайгаштыруу жолу менен чыгарылган аталыштагы пайыздык облигациялардын жетинчи чыгарылышы боюнча баалуу кагаздардан эсептелген жана (же) төлөнгөн (төлөнүп бүткөн) кирешелер жөнүндө маалымдайт:

| | |
|---|---|
| Киреше алууга укуктуу облигация ээлеринин жалпы саны (юридикалык жактар): | 1 |
| Облигациялар боюнча эсептелген кирешелердин жалпы суммасы: | 18 744 444, 44 сом |
| Киреше алган облигация ээлеринин жалпы саны (юридикалык жак): | 1 |
| Облигациялар боюнча төлөнгөн кирешелердин жалпы суммасы: | 18 744 444, 44 сом |
| Кирешеси төлөнбөгөн облигация ээлеринин саны (юридикалык жак): | - |
| Кирешеси төлөнбөгөн облигациялардын саны, даана: | - |

**Эсептелген кирешелерди төлөө 2025-жылдын 16-декабрында KICBнин Башкы кеңсесинде төмөнкү дарек боюнча жүргүзүлдү: Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 21. Маалымат үчүн телефон: 62-01-01; www.kicb.net**

*KICBнин жеке жайгаштыруу жолу менен чыгарылган аталыштагы пайыздык облигацияларынын жетинчи чыгарылышы Кыргыз Республикасынын Экономика жана Коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы тарабынан 2025-жылдын 16-июнунда катталган (KG 0207166917). КРУБ №046 лиц.*

## ЗАО «КЫРГЫЗСКИЙ ИНВЕСТИЦИОННО-КРЕДИТНЫЙ БАНК»

сообщает о начисленных и (или) выплачиваемых (выплаченных) доходах по ценным бумагам по седьмому выпуску именных процентных облигаций при частной эмиссии:

| | |
|---|---|
| Общее количество владельцев облигаций, имеющих право на получение доходов, (юр. лицо) | 1 |
| Общая сумма начисленных доходов по облигациям, сом | 18 744 444, 44 сом |
| Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы, (юр. лицо) | 1 |
| Общая сумма выплаченных доходов по облигациям, сом | 18 744 444, 44 сом |
| Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы, (юр. лицо). | - |
| Количество облигаций, по которым не выплачены доходы, экз. | - |

**Выплата начисленных доходов была осуществлена 16 декабря 2025 года в Головном офисе KICB по адресу: г. Бишкек, бул. Эркиндик, 21. Справочная информация по тел.: 62-01-01; www.kicb.net**

*Седьмой выпуск именных процентных облигаций при частной эмиссии KICB зарегистрирован Государственной службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве Экономики и Коммерции Кыргызской Республики 16 июня 2025 г. (KG 0207166917). Лицензия НБКР №046.*

## О существенном факте ОАО «ГОСУДАРСТВЕННАЯ ТАМОЖЕННАЯ ИНФРАСТРУКТУРА»

**Решение единственного акционера ОАО «Государственная таможенная инфраструктура»**

**Кыргызская Республика, г. Бишкек, Байтик Баатыра 4А, 16 декабря 2025 года**

**1.** Вывести из уставного капитала Общества земельный участок 0,80 га, путем выделения из земельного участка 15,155 га, с дальнейшим уменьшением обращаемых простых именных акций в размере 13 728 (тринадцать тысяч семьсот двадцать восемь) экземпляр, согласно отчета об оценке ОсОО «Эксперт-оценка» от **11 ноября 2025 года** №203-25/ЗУ.

**2.** Провести процедуру переоформления и принятия на баланс приобретаемого имущества с идентификационным кодом 8-02-14-1005-0008, стоимостью 13 978 000 (тринадцать миллионов девятьсот семьдесят восемь тысяч) сом, согласно отчета об оценке ОсОО «Эксперт-оценка» от 11 ноября 2025 года №204-25/ЖН, с дальнейшим внесением на рассмотрение Единственного акционера вопроса об увеличении размера уставного капитала.

**3.** Вывести из уставного капитала Общества часть заборного ограждения на ВЗТК «Каратай», с дальнейшим уменьшением обращаемых простых именных акций в размере 5 574 (пять тысяч пятьсот семьдесят четыре) экземпляр, в связи с необходимостью сноса, согласно заключению комиссии от **5 декабря 2025 года.**

**4.** Утвердить размер уставного капитала Общества в размере 2 113 808 000 (два миллиарда сто тринадцать миллионов восемьсот восемь тысяч) сом, разделенных на 2 113 808 (два миллиона сто тринадцать тысяч восемьсот восемь) простых именных акций, номинальной стоимость 1000 (одна тысяча) сом каждая.

**5.** Утвердить внесение изменений в Устав Общества, в связи с уменьшением размера уставного капитала и количества обращаемых акций.

**6.** Обществу осуществить необходимые мероприятия, вытекающие из настоящего Решения.

**7.** Обществу пройти процедуру перерегистрации в органах юстиции Кыргызской Республики.

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей свидетельства государственной регистрации ИП Фуфуза Ибрагим Арлиевич код ОКПО 22908250 считать недействительным.
Н-907

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия №0015884 на имя Фуфуза Ибрагима Арлиевича считать недействительным.
Н-906

Маметов Кумарбекке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №1339464 (18.01.2025-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-908

Сайитова Зебинисо Обиловнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы Ч №1321835 (22.08.2024.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-909

Мусабаева Зарема Кыдыргычовнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №412693 (02.10.2012) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
М/Б

Мамаев Мусабек Калдарбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт Ч №137818, берилген күнү 17.03.2008-ж., идентификациялык коду 3-02-07-1001-0435) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Д-05

В связи с утерей гос.акты временного пользования серия Б №029733 и Б №048376 принадлежащему айыл окмоту «Достук» Аламудунского района считать недействительными.
С-О 278

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок иден. код №2-03-06-1004-2573 на имя Онкобаева Бектургана Кусейиновича считать недействительным.
П/П -147

В связи с утерей удостоверение о праве временного пользования земельным участком серия В №038165 иден. код 7-08-12-1001-0911 на имя Мусоходжевой Чинары Бейшеевны считать недействительным.
М/Б

Тыналиева Айзирек Абдуманаповнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы Ч №899754 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
М/Б

Ноокат районунун Н.Исанов айыл өкмөтүнүн Күнгөй-Кожоке айылынын тургуну Рустам уулу Мирланга тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 29433470 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-569

Өзгөн районунун тургуну Тойчиев Мирлан Адыловичке тиешелүү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 27479545 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-476

Ибраимова Айзада Базарбековнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 30685314 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-921

Акматов Болот Берикбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы Ч №121681 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
М/Б

В связи с утерей гос. акта о право частной собственности на земельный участок серия Ч №0015337 (от 20.12.2002 г.) и договор купли-прадажи №2/2170 (от. 13.11.2002 г.) на имя Леджебу Ламзар Гадизовича считать недействительным.
М/Б

Ноокат районунун Гүлистан айыл өкмөтүнүн Бостон айылынын тургуну Шамшиев Абийбилла Сидиковичке тиешелүү техпаспорту иден.коду №5-05-03-1001-33-74 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-165

Омурзаков Турсунбек Жумашовичке тиешелүү эмгек китепчеси НТ-I №0316070 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-913

Өзгөн районунун тургуну Кочкоров Абдуллажан Ташбалтаевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 27194452 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-232

Осмонова Айнабүбү Керимовнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24420391 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-415

Маткаримов Саитбек Аширбековичке тиешелүү жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү №0009639 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-914

Оторов Бекжан Турсуновичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 29476887 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-081

Турсуналиева Гулжамалга тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы №163628 (29.09.2008-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-919

Коконбаев Бакыт Касымовичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №73 (31.01.2000-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-918

Суранбай уулу Майрамбекке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысынын иден.коду №5-03-07-1001-1205 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П 119

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №0778184 на имя Ниязалиевой Динары Анарбековны считать недействительным.
Н-917

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №694820 на имя Сансызбаевой Шуры считать недействительным.
Н-916

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок серия Ч №885778 на имя Мурзалиевой Жумагуль Апышовны считать недействительным
П/П-073

Өзгөн районунун тургуну Маматов Талантбек Торобековичке таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 27591992 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П 362

**ПАНФИЛОВСКАЯ ШКОЛА ИНТЕРНАТ ИМ.К.ТИЛЕБАЛИЕВА**
**проводит аукцион по продаже**

утилизированной автомашины марки УАЗ 22069-033 2007 г.в. Стартовая цена 40300с.

Гарантийный взнос в размере 10% вносится до 12.01.2025г. на расчет. счет 4403082100000676.

Аукцион проводится 16.01.2026г. по адресу: с.Панфиловское ул.Центральная, 402

Шаг аукциона в размере 1000с.
Н-910

В связи с утерей бланка разрешения
**ОсОО "ТЛС ЛОГИСТИК"**
**выданный Агенством автомобильного и водного транспорта и весогабаритного контроля.**

| | | |
|---|---|---|
| Грузия 2-х сторонний | 227411 | 04.08.2025 |
| Армения 3-х сторонний | 35 | 11.08.2025 |
| Грузия 3-х сторонний | 230108 | 23.07.2025 |

считать недействительными.
Н-911

## ОАО «КЫРГЫЗ ПОЧТАСЫ»
**уведомляет о существенном факте, затрагивающем финансово-хозяйственную деятельность**

Изменения в размере участия лиц, входящих в органы управления эмитента, в уставном капитале эмитента, а также доли владельцев 5 и более процентами ценных бумаг (долей).

**3 декабря 2025 года** была совершена (зарегистрирована) сделка в рамках первичного закрытого размещения простых именных акций пятого выпуска ОАО «Кыргыз почтасы» (KG 0105227118) на торговой площадке ЗАО «Кыргызская фондовая биржа».

| № сделки | Дата сделки | Подписчик (покупатель) ценных бумаг | Количество ЦБ, штук | Цена за 1 ЦБ, сом | Общая стоимость ЦБ, сом |
|---|---|---|---|---|---|
| 80876 | 03.12.2025г. | Министерство цифрового развития и инновационных технологий Кыргызской Республики Кыргызская Республика г. Бишкек, ул. Ахунбаева, 119 | 43 344 | 500,00 | 21 672 000,00 |

Таким образом, увеличилась доля Министерства цифрового развития и инновационных технологий Кыргызской Республики в уставном капитале эмитента: до 4 626 393 простых именных акций – 82,89%, после 4 669 737 простых именных акций – 83,02%.

Моментом изменения доли в уставном капитале эмитента считается решение Службы регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики о признании итогов пятого выпуска простых именных акций ОАО «Кыргыз почтасы» от 1**6 декабря 2025 года,** №14/5478.
С-О-286

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
КАРБОСОВА
Жазгүл
Жузуповна

**Кабылдама**
**62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жоопп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет. Кол жазмалар жана сүрөттөр кайтарылбайт.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.
**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.
erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.
**Индекси: 68451**
"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 613. Нускасы 5432
Басууга 18.12.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# 2025-жылдын мыктылары



**БОЛГОНБАЕВ**
**Азамат,**
***Кыргыз Республикасынын эл акыны, төкмө акын***



**ТАГАЕВ**
**Мураталы Абдыкарович,**
***КРнын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматынын жетекчиси***



**Сокулук райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгы –**
***башчысы Нуралиев Улан Жумабекович***



**КОЗУБАЕВ**
**Рустам Ражапбаевич,**
***Кара-Суу райондук үй-бүлөлүк медицина борборунун директору***



**ТУРГАНБАЕВ**
**Мустафа Жанибекович,**
***Алай районунун Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын өкмөт башчысы***



**АХМЕДОВА**
**Маркиза Шумкаровна,**
***Кара-Суу районунун Жоош айыл өкмөтүнүн “Натурал хозяйство” фермердик чарбасынын башчысы***



**АДИЕВА**
**Азиза,**
***маданияттын мыкты кызматкери, ырчы***



**ТОКОНОВА**
**Назира,**
***ырчы***



**ЖУМАШЕВ**
**Адилет,**
***Т.Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясынын камералык хорунун солисти***




**Ырыскелди**
**ТОКТОГУЛОВ,**
***тамада, шоумен, алып баруучу***

## КЫРГЫЗСТАНДЫН 800 МИҢГЕ ЖАКЫН ЖАРАНЫ ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨ ЖАШАЙТ

Үстүбүздөгү жылдын декабрь айына карата чет өлкөлөрдө 798 миң 400 кыргызстандык жашайт. Бул тууралуу Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министринин орун басары Бакыт Дарманкул уулу брифингде билдирди.

Анын айтымында, алардын басымдуу бөлүгү Россияда – болжол менен 341 миң 94 адам, бул жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырмалуу 37 миңге аз.

"Ошол эле учурда АКШда 60 миң, Кореяда 12 миң, Германияда 15 миң жана Бириккен Араб Эмираттарында 6 миңден ашуун кыргызстандык бар. Чет өлкөгө чыгуунун негизги максаты болуп билим алуу, эмгек ишмердүүлүгү, туризм, бизнес жана медициналык кызматтарды алуу саналат", - деди ал.



## ДССУ: САСЫК ТУМООНУН ЖАҢЫ ТҮРҮ ЖАЙЫЛАТ

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча, Түндүк жарым шарда сасык тумоо AH3N2 вирусунун жаңы варианты тездик менен жайылып жатат. Эпидемия жана пандемия коркунучтарын башкаруу департаментинин Глобалдык респиратордук коркунучтар бөлүмүнүн башчысы Вэньцин Чжандын айтымында, аталган вирус биринчи жолу август айында Австралияда жана Жаңы Зеландияда аныкталган жана андан бери 30дан ашык өлкөдө катталган. ДССУнун эсептөөсү боюнча, жыл сайын дүйнө жүзү боюнча сезондук сасык тумоонун болжол менен бир миллиард учуру катталат. Анын ичинде беш миллионго чейин оор респиратордук оорулар болот. Жылына 650 000ге чейин өлүм сезондук сасык тумоодон келип чыккан дем алуу органдарынын татаалдашуулары менен байланыштуу катталат. Андыктан сасык тумоонун буга чейин белгилүү түрлөрүнө каршы вакциналар иштеп чыгарылган. Бирок, AH3N2 вирусунун жаңы түрүнө каршы вакцина азырынча жоктугу айтылууда.

АЙМАКТАРДА

## МУНАЙ ЗАВОДУНДА СУЮЛТУЛГАН ГАЗ ӨНДҮРҮҮ ПЛАНДАЛУУДА

Токмок шаарындагы "Токмок мунай иштетүү заводу" ЖЧКсы суюлтулган газ өндүрүүнү пландоодо. Бул тууралуу мэрдин биринчи орун басары Азамат Намазалиевдин аталган заводдун ишмердүүлүгү менен таанышуусу учурунда белгилүү болду.

Завод Токмок шаарынын өнөр жай аймагында жайгашып, аянты 24,6 гектарды түзөт. Ишкананын негизги ишмердүүлүгү – мунайды кайра иштетүү. Завод 2018-жылдан бери чийки заттын туруктуу камсыз болбогондугунан жана анын жогорку баасы өндүрүштү кирешесиз кылгандыгына байланыштуу ишин токтоткон.

Белгилүү болгондой учурда нефтебазаны кайра жандандыруу максатында реконструкциялоо иштери жүргүзүлүүдө. Долбоор толук ишке ашырылгандан кийин 100гө жакын жаңы жумуш орду түзүлөт деп күтүлүүдө.

## АЙМАКТАРДАН 490 БАЛА КЕЛДИ



Кечээ Бишкек шаарында президенттик балатынын биринчи күнү башталды. Агартуу министрлигинен билдиришкендей, иш-чарага өлкөнүн бардык аймактарынан 490 бала келди.

Иш-чарага Агартуу министринин орун басары Альберт Махметкулов катышты. Ал балдарды келе жаткан майрамы менен куттуктап, окууда ийгиликтерди жана жаңы жетишкендиктерди каалады.

Балдар "Сейтек" балдар жана өспүрүмдөр улуттук борборуна жана Б.Кыдыкеева атындагы театрына барышып, оюн-зоок программасы менен "Маугли" театралдык спектаклин көрүштү.

Негизги программа бүгүн, 19-декабрда Т.Сатылганов атындагы филармонияда мамлекеттин жетекчилигинин катышуусу менен уланат.

## ЭГИЗ БАЛДАР ТӨРӨЛДҮ



Кызыл-Кыяда эгиз балдар төрөлдү. Бул тууралуу Президенттин Баткен облусундагы өкүлчүлүгүнөн билдиришти.

Маалыматка ылайык, эгиз уулдарды күн мурун, 17-декабрда Махбубахан Кулдашева жарык дүйнөгө алып келген. Учурда эне жана балдардын саламаттыгы жакшы.

Облус башчысы Айбек Шаменов жаңыланган Кызыл-Кыя шаардык төрөт үйүнөн кабар алып, сапарынын алкагында Махбубахан Кулдашеваны куттуктап, белектерин тапшырды. Облус башчысы балдарга узун өмүр, кең келечек каалады. Белгилей кетсек, Кызыл-Кыя шаардык төрөт үйү республикалык бюджеттин эсебинен капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөн. Учурда 70 орунга ылайыкталган мекемеде эне жана баланын ден соолугу үчүн бардык керектүү шарттар түзүлгөн.

## ФЛАГШТОК ОРНОТУЛДУ

Оштогу "Достук" чек ара бекетине бийиктиги 45 метрлик флагшток орнотулду. Бул тууралуу муниципалитеттен билдиришти. Маалыматка ылайык, азыркы учурда айланасын көрктөндүрүү, брусчатка басуу жана отургучтарды жайгаштыруу иштери жүрүп жатат.

**“Эркин-Тоо” пресс**